# СОВЕТТЕР СОЮЗУНУН АСКЕРЛЕРИНИН БАСЫП АЛГАН АЙМАКТАРЫ, ТҮРКСТАН, ДЕШТИ КЫПЧАК ЖАНА КАВКАЗДАГЫ ГЕОСТРАТЕГИЯЛЫК АЙМАКТАР

**Мустафа КАЛКАН**
Кыргыз—Түрк «Манас» университети
Тарых кафедрасы

**Кыргызчалаган**

**Асылбек АСАН**
Стамбул университети
Тарых бөлүмү

## XX КЫЛЫМДАГЫ БАШ АЛАМАНДЫКТАР ЖАНА СОВЕТТЕР СОЮЗУНУН ТҮПТӨЛҮШҮ

Адамдар коомдук өнүгүү жолунда акырындык менен жыйноочулук, аңчылык жана дыйканчылык тепкичтерин басып өткөн соң, өнөр жай өндүрүшүнө өтө баштагандыгы белгилүү. Өнөр жайдын өнүгүшү мамлекеттик башкаруу системасында жана коомдук түзүлүштөгү өзгөрүүлөргө алып келет. Дүйнө тарыхында адамдардын бир коомдук түзүлүштөн экинчи бир коомдук түзүлүшкө өтүшү бир нече кылымды камтый тургандыгын унутпашыбыз керек. Бул мезгилде социалдык жана саясий жактан кескин өзгөрүүлөрдүн болгондугу белгилүү. Адамдын табиятынын өзгөрүлгүс сапаттары **(Газали,1995:33)** өндүрүш коомчулугундагы мамлилелерден улам өзгөчө бир абалга келген десек болот. Саясаттын илимге таянышы, адамдардын психологиясына таасир

этүүдө ар кыл технологиялардын колдонулушу системанын дагы аёсуз мүнөзгө ээ болуусуна алып келген. Мындан улам XX кылым адамзаттын тарыхында чоң жоготууларга алып келди. Байлыкка ээ болуу арзуусу, жападан жалгыз кубаттуу күч болууну эңсөө, технологиялык күч менен эзүү, кынтыксыз болуу идеялары, өнөр жай өндүрүшүнүн адам баласына тартуулаган негизги сапаттары десек болчудай.

Жогорудагыдай сапаттар дыйканчылык чарба жүргүзүүдө да кездешкендигине карабастан, өнөр жай өндүрүшүндөгүдөй оор мүнөзгө ээ болгон эмес. Капитализм өнүгө баштаган мезгилден тартып, буга чейин болуп көрбөгөндөй ыкчам өнүгүү байкалган. Өнөр жай өндүрүшүнүн өнүгүшүндө алдыңкы орундагы Англиядан кийинки катарларда Россиянын келгендиги белгилүү.

Орустардын калыптануусунда славян жана варяг урууларынын катышкандыгы айтылат. Бармания жана Бабарна топтору да бул этникалык түзүлүштө маанилүү рол ойногон. IX—X кылымдарда этникалык кайнашуудан соң, орустар тарых сахнасына чыга баштады. Алар XIII кылымга чейин саясий жана аскердик жактан таасирсиз кичинекей княздык болгондугу белгилүү. Өзгөчө Улуу Петр мезгилинде өнөр жайды өнүктүрүү үчүн мыйзамдар чыгарылып, технологиялык жактан өнүгө баштаган **(Мержани, 1998:203).** Андан кийинки мезгилдерде өнөр жай өтө тез темп менен өнүккөн, XVIII кылымда дүйнөлүк масштабдагы өлкөлөрдүн катарына кирген. Орустар бул мезгилден баштап "славян" элементин алдыңкы планга коё баштаган (**Кохн, 1983:179;Курат, 1953:2—4).** Славян улутунун улуттук өзгөчөлүктөрүн, баалуулуктарын өнүктүрүү иштери падышачылык тарабынан колдоого алынып, илимий экспедициялар каржылана баштаган. Падышачылык бул илимий экспедициялардын жүргүзгөн иштеринин натыйжасында Балкан жарым аралына чейинки аймактарды ээлөөнү пландаган.

XX кылымда Россиянын өнөр жайы өнүккөндүгүнө карабастан тап күрөшү өтө курчуп, өлкөдө оор абал түзүлгөн. Дыйканчылыктан өнөр жай өндүрүшүнө өтүүдө миллиондогон адамдар ишсиз калып, шаарларга көч баштакан. Фабрика ээлеринин жосунсуз иш аракеттери көтөрүлүштөргө себеп болгон. Адамдардын жашоо шарттарынын өтө эле айырмалангандыгы, бай менен кедейлердин ортосундагы ажырым жана ошондой эле ар кыл социалдык топтордун пикир келишпестигинен улам 1917—ж. Октябрда орус революциясы жүзөгө ашкан. Кылымдар бою сүргөн падышачылык бийликтин

революциялык жол менен кулатылышы, жумушчу табынын бийликти колго алышы социалдык өзгөрүүлөрдүн болушуна алып келген. Капиталисттик системанын аёосуздугу, коомдун таптарга бөлүнүшү, жумушчу табынын мүдөөлөрү менен коммунисттик пикирлердин төп келиши революциялык кырдаалдын түзүлүшүнө алып келген.

Ленин сыяктуу орус коомчулугунун ички түзүлүшүн, маданиятын эң жакшы билген күчтүү бир идеологдун башта туруп учурду туура колдоно алуусу падышачылыктын бийлигин кулаткан. Ишке ашкан революциянын натыйжасында Романовдордун үй бүлөсүнөн бийлик тартылып алынган **(Арслан, 1996:3).** Падышачылыктын кулашынан кийин коммунисттер өздөрүнүн идеяларын турмушка ашырууга киришип, саясий бийлик кайрадан түзүлө баштаган. Өзгөчө Лениндин теңчиликти жар салышы, бардык байлыктын орток экендигин жарыялашы жана ошол эле учурда Орус падышачылыгынын мезгилинде көз каранды болгон элдерди боштондукка чыгаруу идеясы үмүт туудуруп, иш аракеттеринин тездешине алып келген. Бул программаларда «ар бир улуттун өз тагдырын өзү чече ала тургандыгын» жарыялагандыгы белгилүү. Колонизациялоо саясатынан куткаруу менен катар буга чейин өкүм сүрүп келген Батыш Европадагы колониялаштыруу саясатын сындоого алып, ал мамлекеттерде да революциялык маанай жаратууну максат кылган **(Менде,1961:71).**

Айрыкча, «Коммунисттик Партиянын Борбордук Комитети» жана «Политбюро мүчөлөрү» социалисттик пикирлердин толугу менен жайылышы үчүн программалуу түрдө иш жүргүзүү планын иштеп чыгышкан. Орус падышачылыгы кулаган соң, Советтер Союзун түзгөн республикалардын арасында түрк тектүү калктар өз үрп адаттарын коргоого аракет кылышкан. Коммунисттик партиянын мүчөлөрү жана борбордук комитети түрк тектүү калктардын социалисттик көз караштарды кабыл албай тургандыгын түшүнгөндөн кийин башка чараларды көрө баштаган. Аларга диний эркиндик, башкарууда тең укуктуулук сыяктуу убадалар менен бирге режим толугу менен орногонго чейин автономиялуу өз алдынчалык статус беришкен.

1917—ж. 24—Майда В.И. Лениндин Россия калктарына кайрылуусунда «Россия мусулмандары», «Волга, Крым татарлары, Сибир жана Түркстан кыргыздары жана сарттары, Кавказ түрк жана татарлар, чечендер, Кавказ тоосундагылар, Сиздер!... Мечиттери жана сыйынуучу жайлары бузулган, диний ишеними, үрп адаты падышалык Россия тарабынан жок кылынган, сиздер!... Мындан кийин диниңиз, үрп—адатыңыз, улуттук жана маданий баалуулуктарыңыз эркин жана кол тийгис. Улуттук жашоонузду каалагандай курунуз. Сиздин

эркиндигиңиз сиздин укугуңуз, Россиянын башка калктары сыяктуу эле Коммунисттик партия жана революциянын бүткүл күчү жана органдары—депутаттар, жумушчулар, аскерлер жана айылдык советтер тарабынан корголот». Анда бул революцияны колдонуз!... **(Беннигсен, 1994:127)** чакырыгы түрк калктары тарабынан колдоого алынган, Коммунисттик партиянын бийлиги Падышалык бийликтен башка саясат жүргүзө тургандыгына ишенишкен. Бирок узун жылдар бою сүргөн зордук зомбулуктар, орус маданиятын түрктөргө таңылоо саясаты аларга каршы иш аракеттерди көрүүгө мажбур кылган. Ислам эрежелерин жана түрк маданиятын сактап келген элдердин катарына өзбек, татар, түркмөндөрдү кошууга болот. Алар орусташтыруу саясатына каршылык көрсөтүшкөн.

Коммунисттик Партиянын өкүлдөрү Орто Азияда ячейкаларын уюштурушуп, түрк урууларынын социалдык жашоосун анализдешкен. XIX кылымда Россиянын карамагындагы мусулман калк, орус маданиятына тиешелүү эч бир нерсени кабыл алган эмес. Кээ бир аймактарда гана орустардын жашоо образын өзүнө сиңирүүнү каалаган кичинекей топтор кабыл алып, маданий өзгөчөлүктөрүнөн кол жууй баштаган. Орустар бул «орусташкан элдерди өздөрүнө биротоло сиңирип алып турушкан» **(Беннигсен, 1994:66).** Орустарга болгон географиялык жана маданий жакындык өзгөчө татарларга өз таасирин тийгизген.

Азербайжандар да бул иш аракеттерге катыштырылып, айрыкча жаштар революцияга катыша башташкан. Татар калкынын орус эли менен Казан хандыгынан баштап чогуу жашашы алардын орус маданиятын сиңирүүсүнө себеп болгон. Буга карабастан татар илимпоздорунун ислам маданиятына жакындыгы, калктын диндардыгы ассимиляцияланбастан өздөрүн сактап калуусуна оң таасирин тийгизген **(Атласи, 1993:418;Фахреттинев,1993:53).** XIX кылымда татар илимпоздору илимде жана динде Россияда таасирдүү болушкан, алар башка түрк тектүү калктарга өрнөк болгон **(Коблаков, 1910:3;Имамов, 1993:63).** Мындан сырткары татарлар улуттук аң сезимдерин коргоодо Россия үчүн кооптуу калктардын катарына кошулган. Татарлардын күнүмдүк жашоосунда өз маданиятын коргоолору КГБнын тынчын алган. Айрыкча алардын ичинен Мержани Ш, Акйигит М, Бигиев З, Фахреттинев Р, Исхаки А сыяктуу илимпоздор орус интеллигенциясына каршы чоң ийгиликтерге жетишишкен **(Алишев, 1993:53–54).** XX кылымдан баштап татар илимпоздору орус

интеллигенциясы менен аралашып, үй—бүлө куруу жолу аркылуу ассимиляциялана баштаган.

Орустар тарабынан зордук зомбулук менен турмушка ашырылган үйлөнүүлөр түрк калкынын санынын көбөйүүсүнө тоскоолдук кылган. «Татар калкынын санынын көбөйүшү орустардын (0.54%) көбөйүүсүнө салыштырмалуу өтө жогору болушу алардын тынчын алган **(Калкан, 1996:16).** Орус идеологдору программалык иш аракеттердин негизинде коммунизмди кеңири жайылта баштаган. Эң алгач орустарга жакын жайгашкан аймактарда башталган. Бул аймактарга Эдил—Урал бөлгөсү, Татар, башкыр, казак айдың—талаалары жана Кавказ өлкөсү кирген. Советтер Союзунун жогорку стратегиячылары теорияны иш жүзүнө ашыруу үчүн пландуу түрдө ишке баштаган. Партия пропагандачылары Советтер Союзунун жана Политбюронун программаларын толук аткарышып, пайдубалды кыска убакыттын ичинде орното алышкан.

Лениндин ойлорунун өнүгүүсүнө таасирин тийгизген К.Маркс коомчулуктагы аракеттүүлүктү жана адамдардын ортосундагы ажырымдын болушун капитализмге байланыштыргандыгы белгилүү. Маркс капитализмге төмөндөгүдөй мүнөздөмө берген: «Капитализм, өндүрүш каражаттарынын дээрлик көпчүлүгү капиталисттердин колунда болгон коомдук түзүлүш, ал эми эмгекчилердин колунда эч нерсе болбогондуктан өз күчүн сатууга мажбур» **(Wеттер, 1976:435).** Бул аныктоолор Лениндин теориялык көз караштарына таасир тийгизген. В.Сомбарттын капитализмдин натыйжасында «бай болдук, анткени бир канча улут жана калктар биз үчүн өлдү. Жер жүзүндөгү калктар биз үчүн азайды» **(Challeye: 1994:77)** деген сөзүндө чындыктын үлүшү бар экендиги анык. Бирок Ленин капитализмдин кемчиликтерин калкка зыяндуулугунан улам гана эмес, калыптанып келе жаткан режимди орнотуу үчүн өз ишкердүүлүктөрүндө капиталисттик системанын өзгөчөлүктөрүн ачыкка чыгарып, андан жакшы коомдук түзүлүш бар экендигин калкка түшүндүрүү эле.

Ленин социалисттик коомдо мүлк ортоктугу жана социалдык катмарлардын тең укуктуу боло тургандыгын баса белгилеген. Кылымдар бою келе жаткан жеке менчикти, улутчулдукту жок кылуу идеяларына карабастан, коммунисттик бийликтин авторитардык мүнөздө болушу кыска убакыттын ичинде социализмдин капитализмден эч бир айырмасы жок экендигин айгинеледи. Айрыкча В. И. Лениндин өз убагында орус падышачылыгын «орусташтыруу» саясатынан улам сындап келгенине карабастан, Совет мамлекети

орногон соң «орус маданиятын» башка элдерге таңуулоо саясаты башталган.

Политбюродо, Жогорку Советте жана КГБнын жогорку кызматтарында иштөөдө орустарга артыкчылык берилген. Сөз жүзүндө айтылып келген теңчилдик идеясы, союздук бирдик пландары экинчи планда калып, славян улутчулдугу партиянын программаларында маанилүү жагдай катары кабыл алынган. «1980—жылга чейин Советтер Союзунун Коммунисттик Партиясынын башкаруу органында орус улутундагылар жалпы калктардын санынын 66% ин түзгөн. Орто Азия жумурияттары болсо болгону 12.1 % ке таасирдүү болгон» **(Бал, 1996:100).** Советтик режимдин алгачкы жылдарында көтөрүлүштөргө себеп болушу мүмкүн деген ой менен башка улуттардын пикирлерин угууга туура келген. Бирок көп убакыт өтпөстөн этникалык өзгөчөлүккө маани бере башташкан.

Советтик бийлик алгачкы жылдарда өтө көп кыйынчылыктарды тарткан. Бул абал 1934—жылга чейин созулган. Орустардын Азиядагы жана Европадагы саясий күчү белгилүү боло баштаган соң, режим, өз күчүнө кирген. Россия коммунисттик режимди отурукташып калган калктарга орнотууда кадам кадам алдыга жылышкан. Ал эми көчмөн элдерге кийинчерээк орнотууну пландашкан. Көчмөнчүлүк менен жашаган кыргыз, казак, башкыр жана башка түрк уруулары Дон казактары жана татарлардын жардамы менен Советтик өкмөткө баш ийдирилген.

Бүгүнкү күндө КМШ (көз каранды эмес мамлекеттердин шериктештиги) деп аталган өлкөлөрдү мезгилинде өзүнө каратып, экономикалык негизги булактарына ээлик кыла баштаган. Экинчи пландары болсо Молдавия, Чувашия, Башкырия, Татарстан, Сибир, Астрахан, Кавказды ээлөө эле. Үчүнчү пландары орус маданияты жайыла баштаган Казакстанга бет алуу болгон. Казакстан айдың—талаалары орус падышачылык мезгилинен бери алардын жайгашуу жери катары каралып келген жана зордук —зомбулук менен үйлөндүрүүнүн натыйжасында отурукташкан калктын санынын жарымын орустар түзгөн.

Аскердик стратегия боюнча Азиядагы эң керекке жарай турган жерлер Казакстан айдың—талаалары менен Кавказ жергеси, анын жолдору эле. Россия жылдар бою көптөгөн мамлекеттердин бул аймактарда ээлик кыла албаган жерлерин ээлей баштаган. Советтер Союзунун өнүгүү жолуна токтолгон соң, геостратегиялык жактан

аскердик тактикаларын эстөө керек. Геостратегиялык максаттардан улам орустар Белорус жана Эдил—Урал аймагын кыска убакытта ээлөөгө ашыгышкан. Бул аймак кийинки жасала турган иштер үчүн өтө маанилүү рол ойногон.

## ГЕОСТРАТЕГИЯЛЫК БАШ ИЙДИРҮҮ ЫКМАЛАРЫ ЖАНА АЙМАКТА АНЫН ЖҮРГҮЗҮЛҮШҮ

Геостратегия деп, географиялык аймактарды стратегиялык жактан баалоо менен, аскердик аракеттерде, саясатта бул жагдайды негиз тутуп, максаттардын ошого карата багыт алуусун айтабыз. Геостратегиялык жактан маанилүү болгон жерлер көп деле эмес. Кысыктар, ашуулар, материктердин кесишкен жерлери, булуң жана тоолор (Азияда Жети—Суу аймагы, Өтүкөн, Анатолия, Маверанахр жана Кавказ) кирет.

Белгилүү болгондой саясий түзүлүштүн өнүгүүсү анын принциптеринин бекем болушу менен түздөн түз байланышта. Мамлекет башына келген соң башкаруу программасы жана улуттук саясат белгиленет. Бийлик жүргүзүүнүн кайсы формасы колдонулса да (либерализм, социал демократ, улутчул социалист, коммунист жана капиталист) ар биринин өзүнүн улуттук саясаты болоору анык.

Тышкы саясат дипломатиянын сырларын билүү менен катар эң жогорку даражада маалыматтуулукту талап кылат. Кол тийбес дипломатиялык укук берилген адамдар бул иштерди расмий түрдө аткаруулары тийиш болсо, ал өлкөдө ар кандай кызмат өтөгөн мугалимдер, студенттер, бизнесмендер, дин кызматкерлери жана башка кызматтагылар өз алдынча бул иштерди аткарышат. Бул абал жылдар бою уланып келген, болгону кээ бир методологиялык өзгөрүүлөр гана болгон. Тышкы саясаттын ийгиликтери мамлекетти башкаруу механизминин кемчиликтерин жабууда. Тышкы өлкөлөргө баш ийген саясат жүргүзгөн, экономикалык стабилдүүлүгү коммунизм же капитализмдин саясатына ылайыкталып жүргүзгөн мамлекеттер үчүн мындай абал мүнөздүү. Советтер Союзунун коммунисттик саясаты XVII кылымдан бери капитализмди негиз туткан Европанын саясатынан кем калган эмес.

XX кылымда СССРдин жүргүзгөн иш аракеттери көптөгөн тармактарда капиталисттик системадагы өлкөлөрдүн иш аракеттеринен дагы таасирдүү болгон. Капиталисттик өлкөлөр негизги иш аракеттерди экономикага багыттаган болсо коммунисттик саясат адамдарга алардын ой жүгүртүүсүн өзгөртүүгө багытталган. Курал жана күчтүн берген «эң күчтүү аким, башкаруучу болоор, башкаруучу да буйрук берер»

түшүнүгү эң акыркы октун атылышы менен күчүн жоготоору анык. Бирок мээге жайгаштырылган туура эмес түшүнүктөр эң чоң каталарды жасоого чейин алып бара тургандыгы анык. Совет идеологдору жогорудагыдай метод менен материалдык күчтөн дагы көп психологиялык күчтү колдонуу аркылуу эң оор абалды да алдын ала алган.

Коммунист идеологдорунун материалисттик теориялары адамдардын психологиясын белгилүү жерге чейин эң чебердик менен колдонгон. Бирок белгиленген программаларды турмушка ашыруудагы кетирилген кемчиликтер коомдун психологиясына терс таасирин тийгизип жалпы системанын жок болушуна алып келди. Бул программалар коомду системага ылайыкташтыруу үчүн түзүлгөн. Советтик системанын татаал жана бекем болгондугу анын эң негизги өзгөчөлүгү болуп эсептелет. Советтик системага карама каршы келген түшүнүктөрдү үйрөнүүгө тыюу салынган.

Материалисттик ой жүгүртүү жашоонун ар тармагында өкүм сүргөн. Коммунисттик партия тарабынан уюштурулган пропагандалык иш аракеттер адамдардын ой жүгүртүүсүн бурмалаган. Советтик адамдарда жашап жаткан коомдук түзүлүшүн эч чаң жугузбастан жактоо, ал эми башка коомдук түзүлүштөрдү каралоо психологиясы үстөмдүк кылган. Коммунисттик партиянын адамдардын психологиясына таасир тийгизүү менен аларды бир идеологиянын алдында бириктирүү белгилүү бир жерге чейин өз жемишин берип келген болсо, акыркы мезгилдерде көз боёмочулук ачыкка чыккан соң системага терс таасирин тийгизген. Советтик режимди ишке ашыруудагы тоскоолдуктар алдын ала контролдонуп турган. Капиталисттик системанын кетирген кемчиликтери коммунисттик системада теориячылар тарабынан иштелип чыккан. Эң маанилүүсү Советтик режимге коркунуч келтирүүчү факторлорду жок кылуу функциялык аппараттын маанилүү иштеринин бири болгон. Адам же болбосо экономикалык байлык Советтик идеологдордун жана аскер адамдарынын көңүлүн бурган негизги нерсе болгон. Стратегиялык коргонуу эрежеси катары **(Илхан, 1994:85;Калкан, 1995:141)** бул учурда СССР түзгөн демографиялык жана географиялык аймакты эске алсак, адам факторунун бул кеңири аймакта канчалык маанилүү экендиги белгилүү. Демек ушунчалык кеңири аймакка орус калкынын жана аскердик күчүнүн жайылышын эске алуу менен келтирилген зыянды көз алдыбызга элестетсек болот. Ошондуктан кеңири аймакта жашаган калкты мотивация жолу менен орусташтыруу зарыл болгон. Бул болсо

коммунисттик идеялдар жана материалисттик билим берүү менен ишке ашуусу мүмкүн эле. Бул себептен улам коммунисттик режим эң алгач билим берүүгө айрыкча көңүл бурган. Жеке адамга өтө маани берилип, өз убагында ал адамдын таасирин эске алышкан. Геостратегиялык коргонуучу пилоттук аймактар катарында Эдил—Урал жана Кавказ бөлгөсү тандалып алынган. Коммунисттик билим жана калк үстүнөн жүргүзүлгөн саясат белгилүү убакыттын ичинде совет коому үчүн күрөшө турган массаны даяр кылган. Бул, географиялык жакындык, калктардын жайгашуусунун ыңгайлуулугу эң алгач татар, башкыр жана Кавказ калктарына таасир эткен. Революциянын калыптанышына катышкан бул калктар коммунисттик режим толугу менен орнобогон аймактарда ортомчулук кылышкан. Башка элдердин коммунисттик режимди кабыл алуусунда дал ушул татар, башкыр жана азербайжандардын ролу чоң.

Албетте бул жагдай суроолорду туудура тургандыгы анык. Эмне себептен татар, азербайжан, башкырлар тандалып алынган? Башка түрк тектүү калктардын алардан өзгөчөлөнгөн тарабы барбы? Жогоруда аты аталган калктардын географиялык өзгөчөлүктөрү эмнеде? сыяктуу суроолор туулушу мүмкүн. Жогорудагы суроолордун жообун табуу керек. Бул аймактардын географиялык жана стратегиялык өзгөчөлүктөрүнө көз жүгүртүү керек. Белгилүү болгондой Татарстан, Эдил—Урал жана Волга—Кама өрөөнүндө жайгашкан автономиялуу өлкө болгон. Татарлар Батыш (Атилла) хундарынын, аварлардын, хазарлардын жана булгарлардын (Алтын ордонун) тукумдары болуп саналат **(Янков, 1989:11).** Алардын тамырлары өтө бекем экени маалым.

Бул аймакка уруулардын келиши, соода борбору, географиялык түзүлүшү башка аймактарга бийлигин орното ала турган даражада болушу, табиятынын сулуулугу, экономикасынын туруктуулугу жана башка ушул сыяктуу артыкчылыктарын көз алдыбызга келтирсек Россиянын бул жерлерге көз артуусунун себебин оңой аныктай алабыз. Бул аймак Азербайжандын чек аралары «Худуду ханеда, Абхар жана Зенжандан башталып, Хазерлердин Дербентине чейин...» **(Хейет, 1994:96)** созулат. Азербайжандын табигый байлыгы, географиялык түзүлүшү, стратегиялык жактан Кавказ жолун контролдоосу жана нефтке байлуулугу орустарды өзүнө тарткан. Орус Падышачылыгы XVII—XVIII кылымдардан баштап татар, башкыр жана азербайжан аймактарын басып алууну көздөшкөн.

Белорустардын славян тектүүлүгү жана орус эли менен жакындык мамиледе болушу Россиянын өнүгүүсүнө оң таасирин тийгизген.

## СОВЕТТЕР СОЮЗУНУН АСКЕРЛЕРИНИН БАСЫП АЛГАН АЙМАКТАРЫ, ТҮРКСТАН, ДЕШТИ КЫПЧАК ЖАНА КАВКАЗДАГЫ ГЕОСТРАТЕГИЯЛЫК АЙМАКТАР

Орустар менен Белорусиянын кыска убакыт ичинде славян бирдигин түзүүлөрү алардын социалдык—маданий окшоштукка ээ болгондугунан улам болгон. Россиянын Батыш Европадан айырмаланган өзгөчөлүгү коллективдик социалдык түзүлүштүн болгондугунда. Россияда жерлерди биргелешип иштетүү, биримдик, орток иш алып баруу принциптерине таянган дыйкан катмары болгон **(Ялчын, 1995:9).** Коммунисттер калк массасына чакырык менен кайрылышып күчтүү союз түзүшкөн. Революциянын бийлигин таанытa баштаган коммунисттик күчтөр (Кызыл Армия) Чувашия, Татарстан, Башкырия, Астрахан, Кавказды ээлей баштаган. Бул аймактардагы этникалык группаларды «сближение жана слижание» деп экиге бөлгөн. Биринчиси ар кыл улуттарга таасир этүү жолу, алардын бири бирине жакындашуусу, экинчиси болсо жаңы совет адамын жаратуу, ар түрдүү улууттун өкүлдөрүн жыйындысынан советтик адамды ортого чыгаруу» **(Авшар вд, 1994:13).** Коммунисттик партия жана партиялык баштапкы уюмдар түшүндүрүү иштерин жүргүзүү, билим берүү жолу менен коомдогу таасирдүү адамдарга режимди кабыл алдыргандарын көрөбүз. Коммунисттердин бирден бир максаты орус элиндей жашоо образын, орус менталитетин кабыл алган, коомду түзүү болгон. Билим берүүдө бала бакчадан университетке чейин орус маданияты үйрөтүлө баштаган. 3—4 жашар балдарга педагогикалык билим берүү ыкмаларын колдонушуп орток аң сезимге ээ болгон коомчулукту даярдашкан. Жаш муундарга орус маданияты таңууланып, үйрөтүлгөн, алардын жашоосунда барган сайын славян маданиятына таандык элементтер көрүнө баштаган. Билим берүүдө, күндөлүк турмушта орус маданиятынын элементтери басымдуулук кылгандыктан жергиликтүү элдин маданиятына каада салтына таасир тийгизе баштаган.

Маданий жактан ассимиляциялоо саясаты орус падышачылыгы мезгилинде эле башталган. «...Россия Билим Берүү Министри граф Д. А. Толстов, 1870—жылдагы буйругунда «Ата мекенибиздин чек арасында жашаган улуттарга орусташтыруу жана орус калкы менен журулуштуруу саясатын эске алуу менен билим берүүбүз зарыл» **(Сайдам, 1996:125)** деген. Россия билим берүү системасында эң таасирдүү ыкмаларды колдонгон. комсомолдук мектептерде болочоктогу коммунист башкаруучуларды тарбиялашкан, өз убагында алар билим берүүнүн ар бир тармагында пропагандалык иштерди жүргүзүп партияга кызмат кылып турушкан. Коммунисттик партия түзгөн октябрят, пионер, комсомол уюмдары аркылуу башталгыч, орто жана жогорку окуу жайларда пропагандалык иштери тынымсыз уланып турган. Пропагандачы, коомдук турмушта активдүү катышкан

окуучулар, окуу жайдагы окуялар менен ар дайым кабардар болушуп, контролдук функцияны ээлешкен. , Алар өз карамагындагы окуу жайларда болуп жаткан окуялар тууралуу жогорку тепкичтерде турган уюмдарга кабар берип турушкан.

Орус мектептери профессионалдык ыкмалар менен билим бергенине карабастан, түрк тектүү балдардын жогорку сапаттагы университеттерге кирүүсүн чектешкен. Жогорку кызматтардагы коммунист башкаруучулардын балдары, ата—энеси орус улутунан болсо гана каалаган окуу жайында окууга шарт түзүлгөн. Түрктөрдөн чыккан алдыңкылар башталгыч партиялык уюмдарда иштешкен. Булар татар, башкыр, азербайжан жана казактардан болгон.

Анткени татар, башкырлар алты кылымдан, казактар үч кылымдан бери орус маданияты менен жуурулушуп келет. Орус башкаруучулары дагы эрте орус маданиятын тааныган түрк тектүү калктарды колдонуунун жолун жакшы билишкен. Орусташтырууда, башка элдерге өз маданиятын таңылоодо ушунчалык таасирдүү ыкмалар колдонулгандыгынан улам инсандардын психологиясында өчпөс издер калтыргандыгы маалым. Россия жана түрк жумурияттарында илимий изилдөө иштери менен бирге, ал билим берүү системасында иштеп жүрүп «орусташтыруунун» натыйжасын бир канча мисалдарда көрдүм. Орто мектеп жана лицейди Түрк билим берүү системасында окуп, (чуваш, татар, казак, башкыр) университетте окуусун улантып жаткан студенттердин орус—түрк улуттук мелдешинде орус командасынын сүрөөнчүсү болгонуна каршы чыгуумда алардын мага каршылык көргөзүүлөрү орус идеологиясынын канчалык терең сиңгендигин айгинелеп турат.

Эң кызык тарабы 1992—1998—жылдарда улуттук аң сезимдин кайра жаралуусунда өзгөрүүлөрдүн анчейин байкалбагандыгында. Бирок түрк окуу жайларындагы жаңыланган билим берүү системасы орус билим берүү системасына окшобогондуктан окуучулардын максаттуу түрдө келбегендигинен улам ойлогондой жыйынтык алынбай жатат. Эски түшүнүктөрдөн кутулуу, эң сапатуу жогорку даражада билим алуунун натыйжасында гана ишке ашышы мүмкүн. Жаңыланган билим берүүдөн башка педагогикалык метод жана маданий пропаганда усулдары таасирдүү даражада болуусу шарт.

Жогоруда ачыкталган мамилелерде коммунисттик тарбия алган коомдун мисалында идеологиянын жеке инсандардын психологиясына кандай таасир тийгизе тургандыгын көрүүдөбүз. Орустар эмне каалаганын эң жакшы билгендиктен маданий жактан өздөрүнө

жакыныраак болгон (казак, татар, чуваш, азербайжан жана грузин) түрк тектүү элдерди өздөрүнүн идеаларын ишке ашыруу үчүн колдонгон. Географиялык жакындык жана тарыхый мамилелерди эске алсак коммунисттик режимдин аскердик жактан колго ала турган эң негизги аймактар маанилүүлүлүгүнө карата төмөндөгүдөй: Татарстан, Чувашия, Башкырстан, Астрахан, Кавказ (Азербайжан жана Грузия), андан кийин Түркстан деп аталган аймакты ээлөө үчүн алгач Казакстан. Бул географиялык аймакта кылымдардан бери (Орус Падышачылыгы мезгилинен бери) келе жаткан эң чоң коркунуч Өзбекстан жана Түркменстан болуп эсептелет. Бул аймакта Өзбекстан, Түркменстан, Кыргызстан, Казакстан жана башка түрк элдери орустар тарабынан бири биринен бөлүнгөн жана этникалык бирдиктер майдаланган. «Өзгөчө Орто Азия мамлекеттерииинин аймактык биримдигин жок кылуу максатында улуттук негизди түзгөн өзгөчөлүктөр чеберчиликте колдонулган. Аймак беш жумуриятка бөлүнгөн өз билгениндей жаңылыш этникалык бөлүүлөр да болгон» **(Петерсон, 1996:11).** Орус идеологдору жана аскер башчылары түзгөн пландын негизинде жакынкы аймактарды ээлебестен эң алгач Өзбекстанга карай багыт алышкан.

## ГЕОГРАФИЯЛЫК МААНИЛҮҮ ГЕОСТРАТЕГИЯЛЫК АЙМАКТАР: ЭДИЛ–УРАЛ, ТАТАРСТАН, БАШКОРТСТАН ЖАНА ЧУВАШСТАН

**ТАТАРСТАН:** Азияда жашаган айрым түрк уруулары 840–жылкы кыргыздардын уйгур каганатына кол салышынан улам батышка көчүшкөн. IV кылымдагы көчкө караганда 840–ж. жер которуу жөнүндөгү маалыматтар арбын. IV кылымда теңирчиликке сыйынып, Хун мамлекетин түптөөгө катышкан айрым уруулар Кара–Деңиздин түндүгүнөн Европаны көздөй көчө башташкан. Алардын арасында жуань–жуандар, сяньбилер, усундар, юечжилер, турхулар, Тибеттиктер, согдулар, утугурлар, кутугурлар сыяктуу теги башка уруулар болгон. Бүгүнкү күндө Татар жана Чуваш мамлекеттеринин чек араларына жакын аймактарда жашаган мукшы, чирмеш, мари, удморт жана мордва элдеринин тамыры кайсыл этникалык топко кирээри белгисиз.

Бул сыяктуу табышмактуу суроолор, жер которууга байланыштуу пайда болду. Этникалык жактан мындай аралашуулар арбын экендигин эстен чыгарбашыбыз керек. Улуу көч Орусияга жакын аймактарга жана Европага эле эмес Кавказда жашаган калктарга да таасир тийгизген. Көчмөн уруулар арасында түрк тектүү татарлардан башка,

монгол тектүү калктар да болгон. Тарыхта тогуз татарлардын түрк тектүү экениндигинде шек жок. Ал эми отуз татарлардын социалдык абалына, тилине жана башкаруу системаларына монголдордун таасири тийгендигин кабыл этүүбүз керек.

Көчтүн натыйжасында хун уруулары менен чогуу келген татар, сабир, көктүрк, авар уруулары Каспий боюндагы этностор менен коомдук катнаштын натыйжасында этникалык ассимиляцияга учураган. Бирок татарлар белгилүү мезгил өткөн соң Идил Туна булгарларынан бөлүнүп, тарых сахнасына чыкты. Татарлардын саясий күчү Булгар мамлекетинин мезгилинде арта баштагандыгын байкаса болот. Татар ысмы булгар атынын көлөкөсүндө болгону менен Идил (Орто Идил), Урал жана Кама сууларынын боюндагы олуттуу саясий жана аскердик күч катары таанылa баштагандыгы белгилүү. Кийинчерээк булгарлардын бийлиги кулап, Алтын Ордо доорунда (1236–1502) өздөрүнүн маданиятын коргоп келишкен. Татарлар Казан хандыгы мезгилинде жападан жалгыз кудуреттүү саясий күчкө айланышат. Айрыкча, сооданын үзүрү менен ээлеген орду, саясий аброю жогорулай баштаган. Барган сайын географиялык аймагын кеңейтишип, Булгар (эски шаар), Сарытоо, Самара, Набережный Челлы (Яр Чаллы), Нижный Камск (Тюбен Кама), Алабуга, Менделеевск, Лениногорск, Элмет шаарларын, ошондой эле бүгүнкү күндөгү Уфа шаарын да ээлеп алышкан.

Татарлардын ээлеген жерлери кен байлыктарга бай болуп, аскердик күч кубат артып турган мезгилде орус княздыгына да салык салып турушкан. Мындай жагдай Казан хандыгынын (1437–1552) күчүн айгинелеп турат. Тышкы соодага балык, бал, кылыч, тери, суусар, норка жана башка нерселер чыгарылган. Эски булгар ордосу бүгүнкү күндөгү Казан шаары соода борборуна айланган. Казанга Европадан, Арап өлкөлөрүнөн соодагерлер келип турган **(Мержани, 1998:76,77).** Дүйнөнүн көпөгөн өлкөлөрүн кызыктырып, соода борборуна айланып, XV кылымга чейин дүркүрөп турган булгар ордосу орустардын басып алуусунан кийин начарлаган.

Анткен менен Азия жана Европа континенттеринин тогошунда жайгашкан шаар маанисин жоготкон эмес. Өзгөчө орустардын кол астында калган учурда (беш кылымга жакын) кууґунтук саясаттын айынан бул аймактагы татарлардын саны 55 процентке азайган. Татарлардын 0,74 проценттик төрөт статистикасын эске алсак, өлкөнүн демографиялык өсүшүнө терс таасирин тийгизе тургандыгы анык. Бул жердеги татарлардын көтөрүлүш кыймылдарын алдын алуу үчүн жаш татар кыз–келиндерин орустар менен үйлөндүрүшкөн. Мындай

үйлөнүүлөрдүн натыйжасында шаарлардагы татар калкынын санын 30—35% ке төмөндөгөн. XV—XVI кылымдарда жазылган эмгектердеги маалыматтарга караганда борбордо жана башка шаарларда татарлардын саны көп болгондугу байкалат. Татарлардын бир бөлүгү Москва, Пенза, Оренбург, Польша, Литва, Латвия, Украина, Сибир, Казакстан, Өзбекстан, Чувашия, Башкырстан, Туркменистан, Кыргызстанга жана бир бөлүгү болсо Түркияга сүргүнгө айдалган. Татарлардын бир бөлүгү мусулман диниин кабыл алса экинчи бир бөлүгү христиан динине өтүшкөн. Татарлар, Эдил Урал татарлары (казан, касым, крешин, мишер, типтер), Крым татарлары (добружа, Крым—Ялы, Чөл), Сибир татарлары (Тоболь, Тюмен) болуп үч бөлүккө бөлүнөт. Булардан башка Полша, Румыния сыяктуу өлкөлөрдө да жогоруда баяндалган бөлүктөргө тиешелүү татарлардан бар. 1995—жылдагы эл каттоодо Эдил—Урал аймагындагы татар калкынын саны төмөнкү таблицада көрсөтүлгөн: **(Өздамарлар, 1996:71).**

| **коңшу өлкөлөр:** | **жалпы калктын саны:** | **татарлар %и:** | **татарлардын саны:** |
|---|---|---|---|
| Башкырстан | 4.048.000 | 28.4 | 1.500.000 |
| Удмуртия | 1.637.000 | 6.9 | 113.000 |
| Мари эл | 764.000 | 5.8 | 44.500 |
| Мордавия | 962.000 | 4.9 | 47.000 |
| Чувашистан | 1.361.000 | 2.7 | 37.000 |
| Жалпы | 8.772.000 | 19.85 | 1.741.500 |

Орустар табигый кең байлыктарга бай Татарстанды Азия жана башка түрк жумуриятгарына жетиш үчүн көпүрө катары колдонушкан. Өлкөнүн нефть запасы (айрыкча түштүк—чыгыш тарабы) сегиз жүз элүү миллион тоннага жетет. Андан тышкары кара чайыр кени, никель, ванадиум жана скандиум —баары биригип он эки миллион тоннадан ашык. Көмүр байлыгы болсо орточо эсеп менен беш миллион тоннага жакын. Татарстан 1989—ж. төрт миң эки жүз отуз алты миллион метр куб жаратылыш газы иштеп чыгарган **(Өздамарлар, 1996:79).** Татарлар соода мүмкүнчүлүктөрүн арттырган жаратылыш байлыктарын туура колдонууга бел байлап жатышат. Башка түрк коомчулуктары жана чет

өлкөлүктөр татарлардын кен байлыктарына туура баа берип, аларды «Азиянын соода көзүрлөрү» деп аташууда. Бул чындыкка жакын. Ооба, татарлардын соода мүмкүнчүлүктөрү өтө эле жогору десек болот. Россиянын ар бир аймагында жада калса Тюменге чейин соода иштерин жүргүзүп, алар байыртадан соодагер деп аты чыккан уйгурлардан кем калышпайт. Татарлардын соодага болгон жөндөмдүүлүгүн байкаган орустар алардын санын арттырбоо максатында ар кандай чараларды колдонушкан. Андан улам татар калкы Азиянын ар бир бөлүгүнө таратылып, коммунисттик пропаганданы жүргүзүү үчүн Сибирдеги эң кичинекей окуу жайларга да татар билим адамдары жайгаштырылган. Орустар татарлардын илимий, административдик, соода жана уюмдашуу өзгөчөлүктөрүнө маани беришип, аларды өздөштүрүшкөн. Орус бийлик өкүлдөрү татарлардын биригүүсүнө каршы иш чараларды көрүп турушкан. Буга карабастан татарлар Советтер Союзунун кулашына чейин отурукташкан аймактар өтө таасирдүү күч катары жашап келишкен. Бүгүнкү күндө Татарстан экономикалык жактан күчтүү мамлекет экени маалым. Бардык кыйынчылыктарга карабастан татарлардын улуттук аң сезимдери ойгонууда, автономиялык абалдан чыгып көз каранды эмес бир мамлекеттин жаралышы үчүн пайдубал курулууда.

**БАШКОРТСТАН:** Йакут аль—Хамавинин «Мужме ал Булдан» аттуу эмгегинде «башкырт» сөзүн жоон тыбыш «г» менен алмашкан түрдө же «башжырт», «башкорт» «к» тыбышы аркылуу айтылышын баяндап, Константин менен Булгар ортосундагы өлкө деп белгилейт **(Мержани, 1998:93).** «Башкырт», «башкорт», «башкурт» деп аталган аттардын кайсынысы чындыкка жакын экендиги эч бир эмгекте кездешпейт. Көптөгөн маалыматтар кабарлагандай у—ы—о тыбыштарынын жер алмаштыруусунун натыйжасында пайда болгон.

Башкырттардын теги түрк тектүү экендиги Ибни Фадландын эмгегинде тастыкталат. Буга карабастан башкырттардын түрк тектүү экенин кабыл алуу кыйынга турат. Анткени алардын урууларынын арасында фин этникалык тобунун аралашып кеткенин айрым булактар кабарлайт. Бүгүнкү күндө Башкортстанда жашаган уруулар татар, башкырттарга сиңе баштады. Башкырттар Түндүк—Чыгыш (Табын, Катай, Салут), Түштүк—Чыгыш (Кыпчак, Тангаур, Үшерген, Бүржен, Тамян, Юрматы), Түштүк—Батыш (Гирей, Кыргыз, Илан) болуп үчкө бөлүнөт **(Девлет, 1993:246).** Мындан бөлөк башкырттар башка өлкөлөрдө кездешет. Аларга тиешелүү үрп—адат, диний ишенимдердин кээ бир мотивдери бүгүнкү күндө да бар. Башкырттардын татарлардан бөлүнүп, өзүнчө саясий түзүлүшкө ээ болушу орус стратегдеринин пландуу иштеринин натыйжасынан улам десек болот. Ибн Фадландын

ою боюнча булгарлардын тили башкырттардыкынан айырмаланып турат **(Фадлана, 1992:78,79).** Бирок бүгүн колдонулган тил, булгар түркчөсүнөн айырмаланат. Татар жана башкырт тили бир бирине өтө окшош. Ошол эле учурларда Башкыртстанда татарлардын саны өтө эле көп. Татар маданияты дагы таасирдүү болгондугу үчүн башкырттарга өз таасирин тийгизүүдө. Орус билим адамдары татар жана башкырттарды бириктирүү максатында 23—Март 1919—ж. Башкырт автономиялык областын түзүшкөн. Канчалык башкырт тилин татар тилинен ажыратуу үчүн илимий чаралар көрүлсө да бул эки тилдин бири бирисиз жашай албастыгы айкындалды.

Башкырттардын ислам динин кабыл алышы жана жогоруда айтылган аймактарда жашашы, аларды этникалык ассимилациядан коргогон. Татарлардын башкырга болгон социалдык, диний таасирлери аларды христиандашуудан жана түрк маданиятынан алыстоодон сактап калган. Башкырттар узак убакыт бою орус бийлигине каршы туруштук берди, бирок 1774—ж. согуштан соң империяга баш ийген.

Чуваш түрктөрүнүн тагдыры башкырттардыкына караганда татаал. Чуваштарга аралашкан чирмеш, мордова, ар, мукши, мажар, жана фин уруулары аларга түрк маданиятынан бөлөк элдерге таандык өзгөчөлүктөрдү сиңирүүсүнө алып келген. Башкырт калкынын саны 3.943.000 киши. Жаратылыш байлыктары жагынан Татарстандан дагы бай өлкө. Россиянын жаратылыш газы жана нефть запасынын басымдуу бөлүгү бул аймакта жайгашкан. Башкырттар өлкөнүн чыгыш бөлүгүндө жашашат жана жалпы калктын 21.9% тин түзөт. Жергиликтүү эмес орус жана татар калкы жалпы калктын 67.7% тине барабар. Орустардын саны 39.3% **(Өздамарлар, 1996:86,87).** Азиянын башка аймактарында жыш жайгашкан орустар акыркы мезгилдерде бул жакка көчүп келип аткандыктары маалым. Бирок башкырттардын төрөт статистикасы (0,57 проц.) өтө төмөн. Казакстан жана башка Орто Азия республикаларына ачылган бул эшикти орустар оңой олтоң эле колдорунан чыгарышпаса керек. Өзгөчө, Россиядагы нефть жана газ резервдеринин азайышы, өндүрүш күчүнүн төмөндөшү алардын аймакка багыт алусууна түрткү болууда. Орус өкмөтү баш аламан көчтү токтотуу аракетинде.

Бул иш чаралар Башкортстан аймагындагы орус көчтөрүн турукташтырууга себеп болду. Москва, Пенза, Киев, Петербург жана башка шаарлардагы абал жакшы эмес. Көчүп келген орус калкы Россия үчүн экономикалык жактан чыгымдарга алып келет. Түрк республикаларындагы эң маанилүү аймактарда жайгашкан орус калкы

жеке мүлктөрүн жергиликтүү калкка өтө эле арзан баада сатып кетүүлөрү, Россия үчүн маанилүү аймактардан кол жуусуна алып келди. Россияга Башкортстан Орто Азия жумурияттарына өтө турган аймак. Ошондуктан Россия Башкортстанда орус бирдиктерин курган. Мындагы орустар Азиянын ич тарабына кире ала турган күч экени белгилүү. Бүгүнкү күндө бул потенциалдын күчүн жоготуусунан улам, тескерисинче Россиянын өзүнө каршы коркунуч пайда болду. Анткени аймактагы орус армиясы дайыма мамлекет тарабынан контролго алынбагандыгынан улам, күтүлбөгөн көтөрүлүштөрдүн чыгуусуна түрткү болушу мүмкүн.

Башкортстандын табигый кең байлыктарынын жөнүндө маалымат берсек: «1993—ж. өлкө төрт миллион көмүр, 19 миллион тонна нефть жана болжолдуу түрдө 0.6 миллион метр куб табигый газ өндүргөн. Россиянын өндүрүшүнө өлкө төмөндөгүдөй салым кошкон: көмүрдүн 1.3 процентин, нефтинин 5.4 процентин ал эми табигый газдын 0.1 процентин Башкортстандын үлүшүнө туура келет. Негизги байлыгы Татарстан сымал Башкортстандын 400 миллион тонна нефтиси саналат» **(Өздамаралар, 1996:93).**

**ЧУВАШТАР:** Чуваштар «суас», «чуваш» деген аттар менен маалым. Алар Ар, Мордова, Мукшы, Чирмеш, Венгр жана Фин группаларынын түрк тектүү калктар менен аралашуусунан келип чыккан. Чуваштар маданиятында түрктөрдүн таасирин эсепке албаганда башка этникалык группалардын да тийгизген таасири чоң.

Шехабеттин Мержанинин ою боюнча чуваш эли географиялык жагынан жана фин тилинде сүйлөшкөнүнө карабай сөздөрдүн көбү түркчө. Ушундан улам аларды түрктөргө кирген этнос дешет. Алар ислам динин фин жана чирмеш урууларынан мурда кабыл алышкан **(Мержани, 1998:69).** Чынында эле булгар мазар таштарынан кээ бирлери чувашча, арапча, татарча жана башка жергиликтүү тилдер менен аралашкан тарыхый жазуулар, батыш хун уруулары Европага көч мезгилинде жергиликтүү калктар менен аралашышкан. Изилдөөлөрдөн улам чуваш тилинде эски хун тилинин калдыктары бар экени белгилүү болду **(Фахруддинов, 1971:196;Керимуллин, 1991:117).**

Мержани окуган тарыхый жазууда чуваштардын тилинин өзгөчөлүгү жана ислам дининин жайылышы тууралуу маалымат бар. Кийинчерээк чуваштар кыска убакыттын ичинде христиандашуу процессин башынан кечирди. Куфи жана Незих жазууларында: (узундугу беш чейрек, эни бир аршындан элүү сантиметр көбүрөөк болгон мазар ташы) «эл—хүкмү лиллахил алийийил кебир. Юнус оглу

Хажы Белүке. Рахметуллахи алейхи рахметен васиатен. Вефат Белкеви тарих жийат жур жирем жити жал север айех жирем биш күн ите». (Кудайдын кудрети менен Жунус уулу Хажы Белике, ага Кудай жаткан жайын жайлуу кылсын (гани). Бир миң үч жүз жыйырма жетинчи (1327) жылы өлдү. Сапар айынын жыйырма бешинчи күнү эле **(Мержани, 1988:75).** Жогорудагы чувашча ысым, ай жана жыл аттарынан арап тилинин таасирин көрүүгө болот. XIV к. ислам маданияты татар элинине өзгөчө таасир тийгизгендиги белгилүү. Андан тышкары чуваштарга жана ошондой эле мусулмандар менен бир аймакта жашаган элдерге да араптардын таасири тийбей койгон эмес. Бирок Идил боюнда Сура жана Свигиа сууларынын жээгинде жашаган чуваштар айланасындагылар менен мамилелерин чектеп, башка элдер менен аралашуусуна тоскоолдук тийгизген. Географиялык жайгашуусу, орус элине жакын болуусу акырындык менен алардын христиан динин кабыл алышына түрткү болду. Чуваштар 1551 ж. бери орустардын кол астында.

Географиалык жакындык жана орустардын аймактардагы үстөмдүгүнөн улам чуваштарды орусташтыруу саясаты жүрдү. Бул максатта Чувашия 1920—ж. Россия Федерациасына (РСФСР) баш ийгендигине карабастан 21 Апрель 1925—ж. автономия катары таанылган. Территориясы өтө чакан (18 000) км куб. Калктын саны 1.328.023 (1989 ж. эл каттоо боюнча). Калктын 67.6% ти чуваштар 26.8% ти орустар. Чуваш түрктөрүнүн саны 1.000 000 го жетет. Ошол эле учурда төрөт саны өтө эле төмөн (0.5%). Башка автономияларда жана республикаларда бардыгы болуп 2 000 000 чуваш бар.

Чувашстан Пенза жана Москвага жакын болгондугу үчүн аймакта коммунистер мезгилинде өнөр жай өнүккөн. Чуваш жергеси Татарстан жана Башкортстан сыяктуу бай болгондугуна карабастан чийки заттарды иштетип чыгаруу үчүн ар кыл технологиялык ишканалар курулган. Орустар курал жарак, самолет, танка, болот, темир жана ракета куруу фабрикаларын Татарстандын аймагына курса да келечек коопсуздугу үчүн айрым кичинекей ишканаларды Чувашстандын аймагына курушкан. Чебоксары Россиянын эң кооз шаарларынын катарына кирет. Анын дагы бир башка себеби бул шаарлардын жаңыдан курулушунан улам болсо керек. Эң эски шаарлар 1935—1940 ж. кайрадан курулган.

Чувашстан орустар үчүн өтө маанилүү суу ресурстарына бай. Эгерде согуш чыга турган болсо Чувашстан орустар үчүн аскердик

жана аймактык өтө маанилүү бир бөлүк болуп эсептелет. Андыктан бул аймакка ар кыл курулуштар курулган.

Татарстан сыяктуу болбосо да Чувашстанда башталган биригүү аракеттерин башкаруучулардан көрүүгө болот. Бүгүнкү күндө чуваштарда эски диний ишенимдердин өтө терең жайылгандыгын айта кетишибиз керек. Чуваштардын көпчүлүгү христиан динин кабыл алгандыгы белгилүү. Алар эски диндерге маани беришпейт. Чуваштардын хундардан калган диний мотивдери бул темада адистешкен чуваш мамлекеттик университетинин илим адамдары тарабынан изилденип маанилүү иштер аткарылууда. Чебоксарыга жакын жайгашкан айылдар Көк Теңир жана шаманизм багытында изилдөө жүргүзгөн илим адамдары үчүн алтай түрктөр жашаган аймактарынан кийинки өтө маанилүү жерлер. Өзгөчө, токойлуу жерлерде жана буга жакын жайгашкан аймактарда калк билими, дин, тил жана антропологиялык жактан изилдене турган изилдөөлөргө жардамчы боло турган булактар бар.

## ГЕОГРАФИЯЛЫК ЖАНА ГЕОСТРАТЕГИЯЛЫК МААНИЛҮҮ РОЛЬ ОЙНОГОН АЙМАКТАР: КАВКАЗ ЖАНА АЗЕРБАЙЖАН

**КАВКАЗ:** Кавказ жергеси географиалык жактан аскерлердин жайгашуусу үчүн өтө ыңгайлуу жер болгондуктан орустар бул аймакты колго алууну пландаган. Кавказ тоо кыркаларынын өтө татаал географиялык абалы байыртадан бери бул аймакка кол салуучуларга татаал тоскоол болуп, бекем чеп катары кызмат кылган. Мындан сырткары токойлордун жыш болушу жергиликтүү калктын коргонуусуна өтө ыңгайлуу шарт түзгөн. Жергиликтүү калктын жашоо образы географиялык татаал шарттарга ыңгайлашкан. Кавказ деп «Тамань жарым аралынан баштап, Бакунун чыгышында жайгашкан Апшерон кысыгына чейин уланган Кавказ тоолорунун түндүк жана түштүгүндөгү аймактарын атайбыз. Чыгышынан Каспий деңизи, батышынан Кара—Деңиз, түштүгүнөн Чоррух Арпачай Арас суулары орун алган. Ал эми түндүгүнөн Дон жана Волга сууларынын бири бирине жанашып, көлдөргө бай Монич аймагы кирет **(Сайдам, 1997:14).** Кавказ аймагы байыртадан бери Азиядан жолго чыгып, башка географиялык аймактарга кетүүнү максат кылган уруулар үчүн Анатолияга, Иранга, Месопотамияга өтүүсүнө тоскоолдук кылган. Мындай тоскоолдуктарга карабастан аймак аркылуу Анатолияга, Иранга, Месопотамияга кеткен жол дал ушул кыркалардан өтөт. Орто Азиядан, Индиядан, Монголиядан, Ирандан башталган уруулардын көчтөрү көздөгөн жерине кетүү үчүн Кавказ кырка тоолорун аскердик

база катары колдонушкан. Бул жер урууларын аралашуу, бири бирине жакындашуу жери болгондуктан кээ бир чакан уруулар ассимиляцияга учурагандыгы маалым. Страбондун эмгегинде Кавказ жергеси тууралуу мындай бандалат: «...уламышка караганда бул жергеде жетимиш, ал эми чындыктан алыс болгон апыртуучулардын айтуусунда болсо үч жүздөн ашуун этнос бар. Алардин тили да бири бирилеринкине окшобойт, алар ар кайсы жерлерде өз алдынча жашашат...Көпчүлүгү сармат уруулары» **(Музы–улу, 1993:12)** деп баяндалат. Кавказ кырка тоосунда уруулардын көптүгүнөн улам (тарыхта бир канча императордукту кошпогондо) көбүнчө чачыранды, айрыкча саясий бирдиксиз жашоо кылымдар бою уланып келген. Бул жерде черкестер, (хатколор, хегактар, бакейлер, сапсыктар, бжедуктар, кемиргувейлер, хатыкойлор, абзехтер, бесленейлер, кабартайлар) нохчилер, (чечендер—ингуштар) анделалар (аварлар), лаклар (гази—кумуктар),. лезгилер, агуллар, чакурлар, грузиндер.., түрктөр, (азерилер, кумуктар, карапапактар, кундурлар, карачай, балкарлар, калмыктар, ногойлор, түркмөндөр), арийлер (осетиндер, перстер, армяндар, таттар, талиштер, сваниттер, орустар, аландар)" **(Сайдам, 1997:17:18)** сыяктуу уруулар бар. Түрк уруулары байыртардан бери мезкур аймагын өтмөк катары колдонгон.

Скиф, осетин, астар, аландар, дигорлор, карачай—балкарлар, көктүрктөр (байыркы түрктөр), аварлар, римдиктер, хазарлар, куман—кыпчактар, печенектердин Кавказда тарыхый изи сакталган. Кавказдагы жергиликтүү калк ассимиляцияга учурап, чет жактардан келген уруулардын күчтүү армиясына туруштук бере албай баш ийгендиги жана башка аймактарга көчүп кетишкен учурлары кездешет. «...Монгол чабуулуна чейин бул жерге түндүктөн кыпчактар келген болсо, монгол чабуулу мезгилинде огуз—түркмөндөр келгени баяндалат. Түрктөр башка урууларга жасагандай бул жерлерди түрктөшүү жолу менен эмес, көчтөрдүн натыйжасында ээлеп алышкан» **(Ресулзада, 1993:7,8).**

Кавказ акырындап түрк жерине айлана баштаган. Селжук мамлекетинен кийин, түрк тектүү калктардын көчүшү менен түрк маданиятынын таасири күчөй баштаган. Осмон дөөлөтүнүн мезгилинде болсо Кавказ стратегиялык маанилүү аймак катары кабыл алынган. Кийинчирээк аймакты контролдоонун татаалдыгы жана Осмон дөөлөтүнүн ичиндеги баш аламанлыдыктардан улам Кавказдагы таасири начардаган. Кавказдагы түрк тектүү калктарга көптөн бери көңүл бөлүнбөй келе жаткандыгы маалым. Кавказда жайгашкан кыпчак,

түркмөн уруулары түрк—орус согушунан кийин (1877—1878) Анатолияга көчүшкөн.

Кавказ жергеси геостратегиялык жактан маанилүү роль ойногондуктан ал жерди контролдой турган эки маанилүү өтүү точкасы бар. Мындан сырткары дагы бир канча майда өткөөлдөр болгон. Бирок алар өтө тар болуп, өтүү кыйындыкка турган. Түрк эли Дербенд—капы (эшик) деп аталган жерди негизги өткөөлгө айландырган. Ал Каспий деңизи менен тоолор арасында жайгашкан. Сасанийлер мезгилинде түндүк душмандардан коргонуу үчүн чеп курулган. Узундугу болжолдуу түрдө эки километрге жетип, араптар аны «Бабул Ебваб», башкача айтканда эшиктердин эшиги деп аташкан. «Экинчи өткөөл түндүк—түштүк багытынан алганда, Ортоңку Кавказда орун алган Дарял же тар жол эсептелет. Кээ бир маалыматтарда грузин аскердик жолу деп аталган. Алгач бул жолдон өтүү өтө эле кыйындыкка турган. Орустардын аймакка кирүүсүнүн натыйжасында жол аскердик максатта колдонулуп, анын сапаты оңоло баштаган» **(Сайдам, 1993:1,2).** Айрыкча түрк күчү 1893—ж. согуштан кийин өтө эле басаңдаган, алардын жерин орус саясий күчү ээлеген.

Падышалык бийлик мезгилинде курулган илимий изилдөө делегациялары (Илимдер Академиясына тиешелүү) XVIII к. баштап Кавказдагы калктардын тили, этникалык абалы, диний ишенимдери, географиалык өзгөчөлүктөрүнө байланышкан көп сандаган маалыматтарды топтогон. Бул аймакта жашаган калктын топ, урук жана уруулардын окшоштуктары, бири бирине каршы турган топтордун саясий аркеттери менен байланышкан ар кыл маалыматтарды топтоо үчүн жүздөгөн адамдар жиберилип турган. Топтолгон маалыматтар орустардын Кавказга карай багытталган аскердик аракеттеринде колдонулган жана айрым жерлерде алардын өз ара биригүүсүнө тоскоолдук кылуу үчүн бири бирине тукуруу саясатында колдонулган. Буга мисал катары тоолуктар менен черкестер, азербайжандар менен лезгиндер, түркмөндөр менен кумуктар жана башка бир канчалаган түрк уруулары жергиликтүү калктар менен өз ара чатакташып, орустарга каршы туруштук бере алышкан эмес.

Орус падышалык өкмөтүнүн мезгилинде бул аймакка бир канча жолу бастырып кирген бирок максатына жете албай кайра артка чегинүүгө аргасыз болушкан. Бул жеңилүүнүн себеби, кавказ элинин аскер күчтөрүнүн кубаттуулугунан дагы көп аймактын географиалык оор шарттарынан болгон. Токойлордо жүргөн урушта көптөгөн орус аскерлери өлтүрүлгөн. Аскердик тарыхта системалуу аскердик бөлүктөр үчүн салгылашууга өтө ыңгайсыз жер катары тоолуу, токойлуу жана

алга жылууга тоскоолдуктар болгон аймактар эсептелет. Чечендердин, тоолуктардын, карачай—балкарлардын, каракалпактардын күтүлбөгөн кол салуулары орус аскерлерин шаштысын кетирген, көп сандаган орус аскерлеринин туш тарапка качып кырылуусуна түрткү болуп, падыша аскерлери көп сандап жок кылынган. Орус аскердик түзүлүшү XVII—XVIII жана XIX к. дүйнөнүн алдыңкы аскер күчү катары таанылгандыгын айта кетели. Кавказ урууларынын аскер күчү адам саны аз жана куралдануусу орустардыкына караганда өтө эле жөнөкөй болгондугуна карабастан узак убакыт бою тирешкендиги барыбызга маалым.

Бул ийгиликти кавказ инсандарынын жаратылышындагы жигитчилик мүнөзү жана кылымдар бою сакталган орустарга каршы турушунан улам деп түшүндүрсөк болот. Кавказдыктар бул тирешүүлөрдө көп сандаган адамдарынан ажыраган, орус аскерлери тарабынан колго түшүрүлгөн үй бүлө мүчөлөрүнүн кыйналып өлтүрүлгөндүгүнүн күбөсү болушкан жана бул жапа чегүүлөр Шейх Шамил сыяктуу баатырлардын ортого чыгышына түрткү болгон. Кавказ толугу менен орустардын карамагына өткөндөн кийин бул аймакка көп сандаган билим адамдары жиберилип, кавказ элдеринин тили, тарыхы, этнографиясы, антропологиясы, дини жана социалдык абалы тууралуу макалалар, эмгектер жарык көргөн. Бул уруулардын эң чаканы болгон таттар жөнүндө да жүздөгөн макала, семинар материалдары жана китептерди табууга болот.

Октябрь революциясы орус падышачылыгын кулатып, Кавказдын Анатолияга, Иранга, Кара Деңизге өтүүдөгү эң маанилүү аймак экенин байкаган коммунист теоретиктери, фундаменти бекем болгон жерди өзүнө алууну ойлогон. Коммунисттик партиянын жергиликтүү уюмдары менен режимдин пропагандалоо үчүн жиберилген идеологдор аркылуу советтик түзүлүштү коомго тааныттууга аракет кылышкан. Орустар кавказдыктардан корктугунан улам, аларды караңгылыкта кармап турууга аракет жасашкан. Албетте мындай кыянаттык карама каршылыкты жараткан. Азербайжандар социалдык түзүлүшү жана диний ишениминен улам коммунист идеологдордун пикирлерине кызыгышкан. Анткени, азербайжандардын Кавказдагы калктарга караганда сабаттуулугу, социалдык жашоо образынын бекем болушу, жаңы пикирлерди кабыл алууда калктын ачык болушу да өз ролун ойногон.

Азербайжан жергесинде жашаган калктардын көпчүлүгү зорастризмге ишенишкен. Кээ бир социалисттик—коммунисттик көз

караштарды алышкан. Октябрь революциясынын жайган пикирлери азербайжандарга бат эле жайылган. Бул темага тиешелүү көптөгөн эмгектер бар. Бул эмгектерге мисал Проф. Др. Элмеддин Элибейзаденин ою боюнча: "Зорастризм— дин, философия, илим, эстетика болуп саналат. Шумер, Вавилон цивилизациясынан баштап келе жаткан зорастризм дини философия, илим, эстетика "Авеста"да океанга айланат, концепция абалына келет. Азербейжандын диний, этикалык көз караштары, дүйнөнү кабыл алуусу, көркөм искусствосунун каймагы, булагы Шумер—Вавилон маданияты болгон "Гылгамыш" дастаны менен "Авеста"да баяндалат. Булардагы дүйнөлүк пикирлер тарыхтагы диний ишенимдердин, философиянын, үрп—адаттарыбыздын, адабиятыбыздын, руханий жана эстетикалык кызыгуубуздун алгачкы башаты, башталышы болуп саналат" **(Элибейзаде, 1994:207).**

Орустар борборлордо режимди бекемдебестен Европадан, Ирандан, Түркиядан келе турган пропагандалык аракеттерден чочулап кавказга өзгөчө көңүл бура баштаган. Туркменстандагы газ, Өзбекстандагы нефть жана газ, Азербайжанда газ, нефть, Казакстанда жаратылыш кайнактарына жетүүдө Кавказ аймагы геостратегиялык чоң мааниге ээ болгон. Кавказдан Кара—Деңизге баруунун ыңгайлуулугу Иран, Ирак, Түркиянын аскердик күчтөрүнө каршы түздөн түз күрөшүүнүн жападан жалгыз жолу болуп саналат. Айрыкча, Каспий деңизиндеги унаа мүмкүнчүлүктөрүнүн өзү башка жумурияттарды контролдоого жол ачат. Англичандардын деңиздерде нефть издөөлөрү орустарга ар түрдүү өнүгүүнү байкоого мажбур кылган. Режим алгачкы он беш—жыйырма жылдын ичинде бекемделгенге чейин аймактар контролдолуп турган. Ленин алгачкы жылдары боло турган көтөрүлүштөрдү ойлоп, алдын алуу үчүн Азия калктарына убада бергендей бул жерде да көз каранды эместик боло тургандыгын баяндоо менен режимге каршы кооптонууларды азайткан.

Кийинчерээк орус армиясы бул жерлерге жардамга келдик деген шылтоолор менен жайгашышкан жана көз карандысыз жашап жаткан чакан мамлекеттерди биринин артынан бирин өзүнө карата баштаган. Аскердик күчтүн натыйжасында Кавказ—Азербайжан Россиянын карамагына кирип, узак жылдар бою орногон бийликтин пайдубалы түптөлгөн.

**АЗЕРБАЙЖАН:** «Түрк—Кавказ деп аталган жер эски доорлордо «Мидия» аты менен мамлекеттин негизги бөлүгүн түзгөн. Бүгүнкү күндөгү Азербайжандын белгилүү бөлүгүн Албания деп аташкан. Араптар бул мамлекетти Арран дешкен. Сасанийлерге чейинки

мезгилде Рим менен Иран ортосунда келишпестиктерди жараткан» **(Ресулзаде, 1994:10).** Азербайжан чыгыштын байыркы маданиятына кучак ачкан чөлкөм болуп саналат. Азербайжандын бай маданияты биздин заманга чейинки мезгилдерге барып такалат. Ал мезгилдерге тиешелүү эмгектер Азербайжандын табигый байлыктарынан баяндайт. Азербайжандын аба климаты жана Кавказ аркылуу Иранга, Түркияга өтө турган территорияны өз ичине камтыгандыктан чоң стратегиялык аймак болушуна шарт түзөт.

Азербайжандын түндүгүндө бийиктиги үч миң метрден жогору Кавказ тоолору, түштүгүндө Арменияныn тоо кыркалары орун алган. Бу тоолордун эң бийик жери Бенандүз чокусу (4.480). Ар тарабы тоолор менен курчалгандыгына карабастан Азебайжанда 2 000 метрге жеткен жайлоолор, айдың талаалардан тышкары деңиз деңгээлинен төмөн жайгашкан айдоо жерлери да бар. Терең кысыктары жана аккан суу кайнактары көздүн көз жоосун алган кыркалары жана чокулары түндүк аймакынын көркүнө көрк кошуп турат. Азербайжан территориясынын дыйканчылык үчүн эң ыңгайлуу жерлери Кура жана Арас дарыяларынын куймаларынын кошулган жери болуп саналат **(Авшар вд, 1994:37;Харп Академилери, 1995:64).** Азербайжандын стратегиялык ээлеген ордунан сырткары, жеринин мал чарбачылыкка, дыйканчылыкка (мөмө—жемиш) түшүмдүү жер болушу да көңүлдү буруп келген. Бул байлыктарына кызыккан уруулардын ичинде түрк тектүү калктар да болгон. Алар максатын ишке ашыруу үчүн бул жерлерге кол салып турушкан.

Азербайжан аймагында түрк тектүү калктардын массалык отурукташуусу биздин замандын VI—VIII кылымдарында ишке ашкан. Батышка карай багыт алган түрк тектүү калктардын Тибет, Монгол жана Иран сыяктуу өлкөлөрдүн уруулары менен көчү 840—ж. кийин дагы көп күч алган **(Гумилев, 1993:125,126).** Кыргыздардын огуз урууларын борборунан сүрүп чыгаруусу, алардын экинчи бир аймакка көчүп жайгашууларына түрткү болгон. Огуз урууларынын Анатолияга жана Европага өтүүсүндө да бул аймак (Түштүк Россия деп да аталат) чоң роль ойногон. Борбор түшүнүгү аскердик басуулардын натыйжасында 840—жылынан баштап Азербайжан жана Мавераназхрга айтыла баштаган.

Кыргыздардын кол салуусунан кийин монгол чабуулу Түндүк Кытайда, Хоанг—хо—сары суу, Ысык—Көлдө жана кыргыз айдың—талааларындагы түрк урууларынын Азербайжанга көчүшүнө себеп болгон. Бара бара XII—XIII кылымдарда Азербайжан түрк тектүү

калктардын жыш жайгашкан аймагына айлана баштаган. Ага чейин Азербайжанда чоң роль ойногон перстердин күчү басандап алардын ордун түрктөр ээлей баштаган. Азербайжан жергеси Селжуктар тарабынан ээлене баштагандан бери бул жердеги калктар түрк маданиятынын таасири астында калган. Селжуктардан кийин көчүп келген огуздар жана кыпчактар жергиликтүү калктарды этникалык жактан ассимиляциялаган.

Жогоруда баяндалган калктар түрктөшүп этникалык жактан ассимилацияга дуушар болушса да алардын руханий маданияты, эски дини, жашоо образдарын сактап кала алышкан. Кийинчерээк Азебайжан Осмон империясынын карамагына кошулгандан кийин Осмон империясынын саясаты өзгөрүп аскер бөлүктөрү батышка карай бет алгандыктан азербайжан маселеси маанисин жоготкон. Тарыхка көз жүгүртсөк Азербайжанда Осмон—Перс тирешүүсү белгилүү убакытка чейин созулуп турган. Азербайжандын аймагындагы чакан мамлекеттер айрым учурларда Осмон мамлекетине жана Иранга таандык катары каралып турган. 1828 ж. кол коюлган Түркмөнчай келишиминин негизинде Азербайжан, түндүк Азербайжан жана түштүк Азербайжан (Иран Азербайжаны) катары экиге бөлүнгөн. Орус—Иран чек арасы катары Арас суусу белгиленген.

Октябрь Революциасына чейин бул аймакта, перс, түрк жана кандайдыр бир өлчөмдө орустардын таасири болгондугу белгилүү. Коммунистик режимдин жайылышы менен орустардын күчү арткан жана акырындык менен эң таасирдүү күчкө айланган. Азербайжандардын илимий жана соода мүмкүнчүлүктөрүн орустар өз максаттарында колдонушкан. Бул жагдай алардын башка кавказ элдери менен болгон мамилелерине өз салакасын тийгизбей койгон эмес. Азербайжандар коммунистик идеологияны таркатууда бул аймакта негизги ролду ойношкон. Башка кавказ элдери алардын бул иш аракеттерини эч колдоого алышкан эмес. Тескерисинче аларга кыжыры кайнаган. «Баку түрк аскерлеринин колуна өткөндөн кийин убактылуу Түндүк Иранга качкан Большевиктердин башчылары 1918 ж. ноябрда Азербайжанга кайткан. Алар өздөрүнө жакындык көргөзгөн эки мусулман партиясынын өкүлдөрү менен биргелешип иш жүргүзүшкөн. Түрк жана Азербайжандарды ичине алган «Химмет» партиясы жана Ирандык революценерлерди бириктирген «Адалет» партиялары Советтердин идеологиясына сугарылган адамдардан турган. Өлкөнүн Кызыл ордо аскерлери тарабынан басылып алынышына эки ай калганда 1920 ж. февраль айында коммунистердин идеасына сугарылган эки мусулман топ, орус коммунистерини да ичине алган 4.000 мүчөсү бар «Азербайжан Коммунисттик Партиясын» курушкан

**(Беннигсен, 1996:145,146).** Бул активдүүлүк жана Коммунисттик партияга болгон жакындыктан улам Азербайжан жана башка кавказ элдеринин ортосундагы келишпөөчүлүк Совет мамлекетинин кулашына чейин өкүм сүргөн. Азербайжандар дайыма чыккынчылык жазасы менен жазаланышкан. Кийинчерээк Азербайжан (1922—1936) Федеративдүү Советтик Социалисттик Жумурияты болсо, 1936—жылдан баштап да Азербайжан Советтик Социалисттик Республикасы болуп жарыяланган.

Орустар Троцкийдин сөзү менен айтканда «Түндүк Кавказды этнографиялык музей деп атаган жана улутчулдук максатында илимий, академиялык жана этнографиялык теориялар жаратышкан» **(Бланк, 1998:3).** Бул теориялардын натыйжасында ар бир уруу өз өзүнчө жашоону каалоосуна орустар макул болуп, ар бирин автономиялуу өлкөгө айландыруудан Кавказ өлкөсү чакан мамлекеттер өлкөсүнө айланган. Мындан улам уруу түшүнүгү негизги орунда туруп, кээде бири бири менен салгылашуунун натыйжасында көптөгөн адамдар өлтүрүлгөн. Жергеге жайгаштырылган КГБнын агенттери жана партиянын саясий стратегиячылары керек учурларда калктардын ортосунда ар кыл окуяларды чыгарып турушкан. Бүгүнкү күндө да душмандык уланып келет. Акыркы мезгилдерде болуп өткөн окуялар өзүң кылган иш өз башыңа муш дегендей улутчулдук толкундоолору орустардын өздөрү үчүн коркунуч алып келди. Өз мезгилинде мындай абал эч ойго келген эмес. Улутчул агымдар орустарды Азиядан кууп чыгуунун жолунда. Коммунизм мезгилинде улуттарды тазалоо иши эми орустардан аймакты тазалоо менен алмаша баштаган чагы. Кээ бир жерлерде орус калкынын саны көп болгондуктан мындай абал күтүлбөгөн жерден согуштун чыгуусуна да алып келиши мүмкүн.

Коммунисттик партиянын баш катчысы жана политбюронун мүчөсү, коммунисттик партиянын аймактык секретардык кызматын аткарган адамдар бүгүнкү күндө да, эгемендүү мамлекеттерде таасирдүү кызматтарда иштешүүдө. Көпчүлүгү мамлекеттин башчысы, жогорку кеңештин төрагасы, депутат, академиянын башчысы жана бюрократ. Улуттук аң сезимдин өнүгүүсүнүн натыйжасында орустарды жактоочуларды, орус кызы менен үйлөнгөндөрдү акырындык менен бийликтен кетире башташкан. Калк Москва үчүн эмес жергиликтүү калк үчүн, иштей турган адамдарды колдой баштады. Кавказдагы жана башка түрк республикаларындагы кескин өзгөрүүлөр жылдардан бери бийликте отурган адамдардын ордуна жаңы муундун өкүлдөрүнүн келишине өбөлгө түздү. Коммунистик режим мезгилниде бийликте

тургандар ар кандай жолдорду колдонуп өз бийликтерин сактап калуу аракетинде, учурда таасирдүү элиталык кадрларды бир арага топтоп алар аркылуу өз таасирлерин коргошууда, ал тургай Москвадан жардам алуудан да баш тартышпайт. Булардын саны 5—10% тен ашпайт жана алар эски командалык башкаруу ыкмаларын колдошот. Акыркы мезгилдеги кээ бир автономия жана көз каранды эмес мамлекеттердеги социалдык толкундоолор калктын эски режимге кайрадан кайрадан кайтпай тургандыгынын күбөсү болуп саналат. Бирок кирешенин бирдей болбогондугу, автономиялуу жана көз каранды эмес мамлекеттерде эртеби кечпи бир күн баш аламандыктарга алып келиши мүмкүн. Көптөгөн убакыттан бери эмгек маянасын ала албаган Азиянын калкы бир күнү социалдык жактан күтүлбөгөн окуяларга себеп болушу ыктымал.

Россия эски Советтик Республикаларды кайрадан Көз каранды эмес мамлекеттердин шериктештигин түзүү менен бир арага топтоого аракет кылса да бул көпкө созулбай тургандыгы ачык. Нео—империализмдин жайылышы чыгыш менен батышты кайрадан бири бирине тукурат. Бул мамлекеттердеги Россияны жактоочуларынын саясаты көпкө созулбайтургандыгы анык **(Фуллер, 1995:23).** Россиянын барган сайын Кавказдан алыстай башташы ал аймактын тагдыры өз элинин колунда дегенди айгиенелеп турат. Орус күчү толугу менен жок болду деп айта албайбыз, анткени аскердик күчү гана жоголду , саясий күч дагы деле болсо сакталып өз таасирин улантууда. Россия мамлекетинин экономикалык кризиси, Чеченистандагы абал аз да болсо калктардын жай алуусуна себеп болгон. Азербайжан нефитси, табигый газы сыяктуу факторлор орустардын бул аймактан оңой олтон эле бул аймактардан чыгып кетпей тургандыгынын күбөсү болуп саналат. Россиядагы нефт өндүрүшүнүн (1985) 542 миллион тоннадан (1996) 293 миллион тоннага, 1991—жылдагы 643 миллирд метр куб табигый газ өндүрүүсү 1996—ж. 601 миллиард метр кубка, 1990—ж. 395 миллион тонна көмүр өндүрүшүшүнүн 1996—ж. 301 миллион тоннага азайды **(Гумпел, 1998:24),** бул себептерден улам Россиядан ар кандай аракеттерди күтүүгө болот.

1997—жылдын статистикасына ылайык Азербайжан калкынын саны жети миллион алты жүз жыйырма беш миң (7 625 000), анын 82.7% азербайжан, 5.6% орус, 5.6% армян, 2.4% лезги жана 3.7% башка калктар түзөт. Калктын көбөйүүсү болсо (5.24 ке) барабар. Акча бирдиги болгон Манат долларга салыштырмалуу инфляцияга учурап орточо 3.7% ке төмөндөгөн **(Тика, 1998/2:1).** Азербайжан стратегиялык жактан болсун, байыркыдан бери келе жаткан маданияттардын борбору болгон аймактык жайгашуусунда болсун келечекте

Кавказадагы эң күчтүү мамлекет болуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Бирок капиталынын жетишсиздиги, техникалык жактан жардылыгы башкалар менен мажбур биригип иш алып барууга түртөт.

Азербайжан армян согушунда орустардын армяндарды колдоосуна каршы чыгылбастан Түркия, Иран, Америка менен орток иш алып барууга аракет жасоодо. Орустардын Азербайжандын нефтисинен кол үзө албастыгы сымал, Кавказдагы аскердик бөлүктөрүн да чыгарбай тургандыгы анык.

Россия Азербайжандын нефтиге эң бай жери Тенгизден Чеченистан жана Новороссийскиге трубопроводду курууну Азербайжанга экономикалык, аскердик, саясий жактан жардам берүү менен кабыл алдырууга мажбурлоодо. Иран аркылуу Түркияга, Жейханга өтө турган трубопроводдор Американын контролунда болсо да курулуш учурунда ар кандай окуялардын болушу ыктымал. Россия бул курулуштун жүрүшүндө мамлекет катары таасирин сактап калууга, өз үлүшүн алууга же болбосо, Кавказдагы калктардын чаташуусуна жол ачып, нефтинин өтүүсүнө тоскоол болот. Экинчи бир ыктымал аймактагы күрт—армян күчүн колдонуп, каалаганын ишке ашырышы мүмкүн. Анткени бул иш аракеттерде Кавказдагы күрт группаларын колдонуу алар үчүн өтө эле ыңгайлуу жана жеңил,. Армения түрк аскерлерине каршы эки кылымдан бери бирге жашашкан орустарды жардамга чакырышат жана ПКК ны колдонуу үчүн даярдыктар көрөт. Орустардын эң таасирдүү күчтөрү Арменияда жайгашкан. Армениянын абалы да өтө жакшы эмес, Карабактын айынан Түркияга каршы орустар менен союз түзүүгө ылайык саясат жүргүзүү мажбурдугунда.

Бул аймакта Ирандын Түркия менен тирешүүсү байкалат. Иран нефт резервдеринин зыян тартпоосу үчүн Армения жана Россия менен күчтүү союз түзүү ыктымалы бар. Россия жана Ирандын Армения маселесинде өз кызыкчылыктары үчүн жүргүзгөн саясаты бири бирине дал келет. Азербайжандын Түркия менен болгон тил, дин, жана социалдык жакындыгы Иран жана Россияны тынчсыздандырууда. Орустардын Кавказ аймагына маани берүүсүнүн дагы бир маанилүү себеби, Кара деңиз, Анатолия жана Иран чек араларынын Россиянын коопсуздугуна коркунуч туудуруп туруусунан улам болсо керек. Азербайжан Түркия жана Европа менен байланышка чыгууда өтө этият мамиле кылууда, бул мамилелердин натыйжасында Россия—Азербайжан байланыштарына доо кетип калуусун каалабайт. Түркиянын Азербайжанга көрсөткөн экономикалык, аскердик, жана саясий колдоолору армяндардын каршысында аларга чоң ишеним

туудурууда. Азербайжан өкмөтү жана оппозиция мүчөлөрү Түркиянын чын ыкыласы менен жардам берип жаткандыгын эң жакшы түшүнүшөт. Армения Азербайжан согушунда түрктөргө таандык ар кыл коомдук уюмдардын (аскердик экономикалык) кандай жардамдар кылгандыгы бейтарап кайнактар тарабынан такталды. Эки элдин орток маданиятка ээ болгондугу жана тилдеринин бири бирине өтө жакын болушу келечекте ар кыл тоскоолдуктарды жеңет жана эки өлкөнүн ортосунда маданий бүтүндүктү камсыз кылат.

## ГЕО–СТРАТЕГИЯЛЫК ЖАКТАН МААНИЛҮҮ АЙМАКТАР: КАЗАКСТАН, ӨЗБЕКСТАН, ТҮРКМЕНИСТАН ЖАНА КЫРГЫЗСТАН

**КАЗАКСТАН:** «Борбордук Мекен» же болбосо «Түркстан» деп аталган аймактын көптөгөн бөлүгү бүгүнкү күндө Казакстанга таандык. Бул жерлер тарыхта бир канча мамлекеттер тарабынан талашка түшкөндүгүнөн улам жаратылыш байлыктарын жоготконун айта кетели. Андан тышкары жаратылышы согуштардан улам чыккан өрттөрдөн, кургактыктан, оор кыштан улам күнүбүздө таң калаарлык өзгөрүүгө дуушар болгонун көрүүдөбүз. Өлкөнүн бир бөлүгү чөл, бир бөлүгү айдың–талаа болуп саналат. Мындай географиялык түзүлүштө болгонуна карабастан, тарыхта дайыма стратегиялык жактан чоң мааниге ээ болгон, мезгил мезгили менен бул аймактарга кол салуулар болуп турган. Казактардын жери байыркы скифтердин **(Дурмуш, 1993:5,6)** кээ бир бөлүгү, хундар, усундар, юечжилер, канллылар, көктүрктөр жана башка бир канча уруулардын жашап келген мекени болгон. Түрктөр үчүн маанилүү жерге айланган, тарыхта Жети–Суу деп аталган бөлгөгө кирген Өтүкөн көптөгөн мамлекеттердин борбору болуп турган. Кыргыздар уйгурларды жеңген соң, Өтүкөндө чоң баш аламандык болгон. Кийинчерээк Өтүкөндө түргөштөр, карлуктар, кимектер, кыпчактар, карахандыктар жашаган. Бирок булардын бийликтери узакка созулган эмес. XIII кылымда Монголдор Жети–Сууга чабуул коюшуп жеңишке жетишишкен, бул аймакка ээлик кылууга өткөн. Бүгүнкү күндө Жети–Сууга кирген бөлүктөр кыргыз, казак жана өзбөктерге таандык болуп саналат. Монгол аскер башчысы Субетай сыяктуулар өз мезгилинде бул аймактагы маданиятты жер менен жексен кылган.

Эки кылым бою монголдор баскынчылыгын уланткан, кыпчактар монголдор менен этникалык жактан аралашып, ассимилацияга учураган. Бүгүнкү күндө да кыпчактар улуу, орто, кичи жүздө монгол аттары менен жашап келишет. «Бул жүздөр Тевеккел хан мезгилинде (1583–1599) түптөлгөндүгү болжолдонууда» **(Хайт, 1995:12).** «Улуу жүз

(дуулат, канглы, жалайыр, албан, шапырашты, ошакты, сиргели, суан, ысты, сары уйсун, чанчкылы), орто жүз (аргын, найман, коңурат,. керей, кыпчак), кичи жүз (байулы, элимулу, жетиру, кирейит, табын, ногойлордон турат. Улуу жүз Чүй, Таласта, орто жүз Тобол—Иртыш, Сейхун, кичи жүз Арал—Эдил аймагында жашаган» **(Татимов, 1992:155).** Бирок үч жүз тең саны жагынан бирдей болуп келишкен. Мунун себеби катары казактардын моңголдорду жактырбагандыгы жана маданиятынын бири бирине окшобогондугун айтсак болот.

Казактардын элдүүлүгүнүн жана мамлекетүүлүгүнүн калыптануусу XV кылымдын аягы XVI башына туура келет. Түрк урууларына кирген казактар өз алдынча этникалык жана саясий бир бирдик катары бөлүнүп чыга алышкан. Тарих—и Рашидинин маалыматына таянсак бул саясий бирдикти түзгөн казактардын саны 200 000 **(Материал, 1969:180).** Казактар башка уруулардан бөлүнүп чыгышса да алардын улут катары калыптануусунда айрым кыргыз, өзбек урууларынын бар экендиги маалым **(Акишев, 1994:128).**

Кыргыз, казак байыртадан бери чогуу жашап келишет. Кийинчерээк кыргыз тили казак, өзбөк тилдеринен таасирленгенин изилдөөлөр тастыктоодо. Казакчанын эски Орхон тарыхый жазуулары менен абдан окшош экендиги маалым. Казак хандыгы курулган аймак Сибирден Сыр—Дарыяга, Иртыштан Йайык жээктерине чейин созулган. XIV—XV кылымдарда орто кылым тарыхчыларынын берген маалыматына караганда Казак талааларында кыпчак, мангыт, канглы, карлук, усун, найман, керей (керайит), конграт жана башка уруулар болгон **(Кани, 1993:230).** Бул жерде күчтүү бирдик түзгөн казак уруулары, 1456—ж. Кирей хан, Жаныбек хан биригип Эбулхайр ханга каршы күрөштө чоң рол ойноп, тарыхта аты чыккан киши болгон. Казак хандыгынын курулушу катары 1464—1466 же 1489—ж. кабыл алынууда.

Казак хандыгы курулгандан кийин жүздөрдүн ортосунда ич ара келишпестиктер чыгып чаташып турушкан. Абылай хан, Абай хан сыяктуу казактарды борбордоштуруп бир арага топтоону максат кылган хандардын чыккандыгына карабастан казактар бирдик кура алышкан эмес. Анын негизги себеби узак убакыттар бою жүз башына баш ийип көнүп калган калк жалпы журттун үстүнөн шайланган улуу ханды таануудан баш тарткан. Бул көрүнүш жүздөгөн жылдар бою уланган жүздөрдүн ичинде тирешүү атаандашуу өкүм сүрүп, казактар бирдиктүү мамлекет кура алышкан эмес. Казактардын жогоркудай ич

ара тирешүүлөрү аймактагы башка күчтөр тарабынан колдонулуп, жүздөр бири бирине кайраштырылган.

XVIII кылымда, орустар Түркстан аймагына өзгөчө маани берип, бул жерлерде жашаган урууларды ынтызарлык менен изилдей башташкан. Бир топ иштерде жаңылыктарды киргизген орус падышасы Петр бул иште да алдыга озуп Түркстанга атайын делегацияларды жиберген. Жүргүзүлгөн иштер жана курулган саясий мамилелердин негизинде (бул байланыштарда соодагерлердин ролу чоң) орустар казактардын кичи жүзү менен союз түзүшкөн жана 1731 ж. Урал суусунун түштүк—чыгышында жашаган көчмөн казактар орус бийлигин таанышкан **(Ривкин, 1975:10).** Бул кадам орустар үчүн өтө маанилүү болгон, алардын андан ары илерлөөлөрүнө жол ачкан. Бул окуядан көп өтпөй 1742 ж. орустар орто жүздү өздөрүнө баш ийдиришкен. Алар менен байланышка чыгууда кичи жүздүн өкүлдөрүн ортомчу катары колдонушкан. Орустар бул аймакка бекем отурукташуу үчүн казактар жашаган жерлерге акырындык менен орус мужиктерин (айлыддыктар) көчүрүп келе баштаган. Аскердик коогаландарда колдонуу үчүн атагы чыккан Дон (христиан) казактарын чек араларга жайгаштырышкан, бул каарман аскерлердин жардамы менен бир топ аймакты ээлешкен. 1883 ж. саны 2500 кө жеткен көчмөндөрдүн саны 1903—1911 жылдарда 95000 ден 175 000 ке чейин жогорулаган. Сыр Дарыяда көчмөн саны 45000 ке жеткен **(Ривкин, 1975:26).** Казакстанга жайгаштырылган көчмөндөр дыйканчылык үчүн өтө жагымдуу жерлерге отурукташтырылган. Казактардын колундагы кара топурактуу жерлер мамлекетке деген шылтоо менен алынып өздөрү тоолуу жерлерге көчүрүлгөн. Жер бөлүштүрүү саясатынын катаалдыгы жыйырма отуз жылдан кийин ачыкка чыгып 1910—1913 жылдардагы ачарчылыкта көп сандаган мусулман казак ачкачылыктан өлгөн.

Жерлерди мамлекетке өткөзүү жана демографиалык саясат орус падышачылыгынын кулашына чейин өкүм сүргөн. Бул саясаттан улам калктын санында чоң өзгөрүүлөр болгон. Кээ бир аймактарда казактардын калкынын саны 50% ке да жетпей калган. Көп сандаган казактар Азиянын башка аймактарына сүрүлгөн **(Татимов, 1993:37).** Падышачылык мезгилинде жасалган зулумдук, 1917 жылдагы революциядан кийин да оор шарттарда уланган. Казактар, Биринчи Дүйнөлүк согушта, мамлекеттин ичинде болгон согуштарда, Экинчи Дүйнөлүк жана Афганистан менен болгон согуштарда ар дайым алдыңкы катарларда салгылашышкан, көптөгөн жоготууларга учураган. Согуштарда атайылап жок кылынган казак эли бул аз келгенсип Сибирге жана башка Түрк республикаларына сүргүнгө айдалган. Эки үч кылым бою орустардын зордугу алдында жашаган, орус

маданиятынын таасири алдында калган казак эли кыйынчылыктарга карабастан Азиялык рухун сактап кала алган.

Таанымал ойчул жана акын Абай казактардын социалдык—экономикалык абалын анализдөөдө аябай баалуу маалыматтар берет. Ал казактарды критикалоодо орустар айта албаган пикирлерди бере алган, обьективдүү түрдө жазган. Анын ой—пикирлери акыркы доордун чындыктарын баяндаган. Казактардын маданиий өзгөчөлүгү менен бирге казак жигитинин орус маданияты аркылуу эмнелерди жоготконун ачык түрдө жазган **(Кунанбаев, 1993:11).** Чынында эле эң оор запкы жеген казактар болгон. Татарлар да казактар сыяктуу запкы жегенине карабай, алар этникалык жактан ассимиляция болушкан эмес. Казактар революция мезгилинде пропагандалоодо таасирдүү рол ойношкон эмес. Казактар СССРдин бийлик системасын таанытууда чоң рол ойношкон жана көтөрүлүшкө чыккан урууларды аскердик күчтүн жардамы менен басып турушкан. Революцияны жактаган казак илим адамдарынын көпчүлүгү «өз алдынча автономия» түшүнүгүн жакташкан. Ошондон улам өз элин ойлогон, алар үчүн күйгөн билим адамдарын коммунисттик партия куугунтукка алган. Булар Түркияга, Германияга жана Европага качуу мажбурдугунда калган. «Орус императордугунун залим саясатынан улам, казак атуулдары дүйнөнүн отуз эки өлкөсүндө жашоого мажбур болушкан. Казакстандан башка өлкөлөрдө жашаган казактардын саны үч миллиондон ашык **(Сейдимбек, 1997:139).** Советтик режимди кош колдоп колдогон казак аалымдары бара бара анын чыныгы жүзүн көргөн жана сөздөрү менен иштери айкашпагандыгын түшүнүшкөн.

Казактар үчүн залим орустардын саясатынан улам ата журтун калтырып качуу же болбосо колго түшүп өлүп берүүдөн башка чаралары калган эмес. Казак уулдары Досмухаммедов, Букейханов, Байтурсун, Рыскулов, Мендешев, Садыбакасов жана Чокай сыяктуулар улутчулдук, туранчылдык, социал демократ улутчулдук, либерал улутчулдук идеаларын негиз тутушуп Алаш Ордо кыймылын түзүүгө аракет кылышкан. Жогоруда аты аталган адамдардын көпчүлүгү Коммунисттик партия тарабынан ар кыл күнөө тагылып өлтүрүлгөн. Коммунисттик партиянын башчылары тарабынан коркунучтуу деп аталган жазуучулар, окумуштуулар жана саясатчылар жашыруун өлтүрүлгөн жана тарых бетинен өчүрүлгөн **(Петерсон, 1996:11).**

Коммунисттик режим толугу менен орногондон кийин .Казактарды пландуу түрдө жок кылуу жана эзүү саясаты башталган. Семей (Семипалатинск) жана Кызыл Ордо шаарларында жүзөгө ашырылган

500 дөн ашык атомдук тажрыйба жүргүзүү бул аймакта жашаган адамдардын оорууларга чалдыгуусуна себеп болгон. Казак алтыны, нефти, ураны, хрому, темири, вольфрамы, көмүрү орустар сырье катары колдонушкан. Бардык кен байлыктардын эң аз бөлүгү Казакстан үчүн жумшалган, негизги бөлүгү Москвага жөнөтүлүп турган. Казакстанга жумшалган бөлүктүн көпчүлүгү болсо шаарда жашагандар үчүн колдонулган. Ал мезгилде шаарда жашагандардын көпчүлүгү орустар экендиги белгилүү. Жалпы алганда Казактардын 30—40%ти гана шаарларда жашап калган бөлүктөрү айылдарда жана алыскы райондордо жашашкан. Шаарларда эң алдыңкы университететтерде орустар окуган. Айыл чарба жана зоотехникалык окуу жайларда казактар окуган. Техникалык жана башкаруу адисттиктерине орустар ээ болушуп өтө тырышчаак, алдыңкы казак студенттери гана бирин серин булардын арасынан жер алышкан. Казактардын ичинен эң акылдуулары Москва, Ленинградка жиберилген, ал жерден орусташтырылып, славян улутун жана союзду жактоочулардын идеаларына сугарылган.

Мындай абал бардык түрк жумурияттарында болгон, эң мыктылары Илимдер Академиясына калтырылган. Алар академиялык эмгектерди жаратышкан. Айрымдарына ишеним көрсөтүп, административдик жогорку кызматтарга көтөргөн. Бүгүнкү күндө да бул адамдардын көпчүлүгү бийлик башында, бирок орустар үчүн эмес өз өлкөсүнүн келечеги үчүн күрөшкөн адамдардын катарында.

Бүгүнкү күндө Казакстан (1995жылдагы маалыматка ылайык) калкынын саны 16.679.000. Жалпы аянты 2.717 000 километр куб. Түркиянын аянтынан эки үч эсе чоң территорияга ээ болгон бул өлкөнүн калкынын санынын аздыгы эникалык талап тоноолордун натыйжасынан улам болсо керек. 1991 ж. 16 декабрда Казакстан көз каранды эместигин жарыялагандан кийин Монголиядан, Өзбекстандан, Туркменистандан, Кытайдан, Кыргызстан жана Түркиядан казактар өз мекендерине кайта башташты. Ошол эле мезгилде Казакстанда жашаган (1998 жылдагы маалыматка ылайык 2 000 000 жакын) орустар, немистер, Римдиктер, эврейлер, өз мамлекеттерине кайтышууда. Орус коомдук изилдөө борборунун 1991 жылдагы изилдөөлөрүнө ылайык 1996 ж. 3.5 миллион орустун келе тургандыгы прогноздолгон. Бирок орус кабар маалыматы боюнча өткөн бир канча жылдын ичинде Россияга алты—жети миллион көчмөндүн келгени баяндалат **(Эрол, 1998:35).** Орустар тарабынан үч кылымдан бери жүргүзүлгөн жайгаштыруу саясатынан улам казактардын саны жалпы калктын санынын 38%тин гана түзүп калган болсо азыр казактардын саны 46%ке чейин жогорулады. Айрыкча өлкөдөн чыгып кеткендердин көпчүлүгү

техника жана билим жаатында жогорку даражадагы адистер болгондугун да айта кетишибиз керек.

1995—жылдагы статистика боюнча казак клкынын көбөйүүсү 0.16 процентти түзгөн. Казактардан кийинки эң көп калк орустар, алар калктын жалпы санынын 35 процентин түзөт, украиналыктар 5 процент түзсө, анда казактар жалпы калктын санынын 40 процентти түзөөрү анык. Мамлекеттин калкынын жарымын түзгөн жана өз элинде көчмөн болгон казактардын руханий абалын айтпасак да түшүнүктүү **(Назарбаев, 1997:166).** Мындан сырткары орустардын казактарды дээрсиз көрүшү жана маданий жактан аларды ассимиляцияга учуратышы, психологиялык басым көрсөтүүлөрү казак калкына өтө терс таасир эткен. Казактардын ардуулугу, санатына, үпр—адатына, музыкасына ышкыбоздугу жана аталарынын башкаруучулук рухуна терең ишенген казактардын чеккен азабын эмне менен өлчөөгө болот?

Үч кылым бою тарткан азаптары, баштарынан өткөргөн оор күндөрүнүн жыйынтыгы кандай натыйжаларга алып келди. Аскердик жөндөмдүүлүктөрү күчтүү казактар эмне кыла алат?. Бул сыяктуу суроолордун бир гана жообу бар, ал "өч алуу" Чегилген запкылардан дагы күчтүү болгон өч алуу. Зулумдан улам көптөгөн өзгөрүүлөр болгон. Эми доор, заман өзгөрдү. Зулум токтоп, казактар үч кылымдык эзүүдөн кийин эгемендүүлүгүн алып отурат. 1991—ж. эгемендүүлүктүн оңой олтоң келгенине карабай, буга чейинки орус падышачылыгы, хандыктар мезгили жана Желтоксон окуяларындагы кан төгүүлөр буга бедел болуп саналат.

Буга карабай жаш муундар бай тарыхын, эр жүрөк ата бабаларын жана коммунисттик режимдин мезгилинде жашабагандыктары үчүн анын чыныгы жүзүн дагы эле болсо терең түшүнө беришпейт. Чындыгында жаштардын мындай болушу мыйзам ченемдүү көрүнүш болсо керек себеби алгачкы класстан баштап университетке чейин коммунистик партиянын тарыхын окуган жаштардан башка нерселерди үмүт кылуунун өзү жаңылыштык.

Буга карабастан мамлекет башчылары 1991 жылдан бери жашарган казак улутчулугун контролго алып орустарга каршы ар кыл аракеттерден кооптонууда. Улутчул топтор жана орустарга каршы кыймылдар, башка өлкөлөрдө курулган оппозициячыл топтор менен биригүүдө(Желтоксан, Алаш Ордо, Ерк, Калк Майданы). Анткени катардагы айрым чаташуулар, граждандык согушка себеп болушу мүмкүн. 1989 жылкы Желтоксан окуясында төгүлгөн жаштардын каны

али да болсо унутула электиги айдан ачык. Бул коркунучтун эң ачык көрүнгөн өлкөсү Казакстан болуп эсептелет. Борбор статусун алган Астанада казактардын саны болгону 5—6% ти түзөт. Орустар Караганда, Семиплатинск, Петро Павловский, жана Павлодар сыяктуу шаарларда басымдуулук кылат. Бул аймактар Казакстандын өнөр жайлуу кен байлыктарга бай шаарлары болуп эсептелет. Келечектеги күчтүү Казакстан бул аймактарга маани берүүсү тийиш. Орустар болсо бул жерлерди таштап кеткиси келбейт. Ошол эле учурда бул аймакта курулган Байконур полигону Казакстанды атомдук күчкө ээ өлкө катарында өзгөчө ордун көрсөтүп турат

Казакстандагы инфляция жана экономикалык кризис күчүндө болсо да борбордук банктын акча операциаларын контролдоосунан улам теңгенин баалуулугу сакталып турат. Инфляциянын 18% гана болгонуна карабастан тамак аш жана башка товарларга болгон баанын артышы 100—150% ти түзгөн. ТИКА жана башка изилдөө борборлорунун маалыматтарында айлык киреше 100 доллар деп берилгенине карабастан реалдуу алганыбызда 5000—6000 теңге же болбосо 75 долларды түзөт. Үйлөрдүн бир айлык аренда акысына кайрлылсак бир бөлмөлүү үй он миң теңге, эки бөлмөлүү үйлөр (борбордон узак жерлерде) 14000—20000 теңгени түзөт. Айлык акынын төмөн болгондугуна карабастан аренда акысынын мындай жогору болушу адамдардын кызмат абалынан пайдалангандыгы же болбосо бир канча иштерде иштөө менен гана өздөрүн камсыз кылып жаткандыктары айдан ачык. Паракорчулук өнөкөтү бир гана Казакстанда гана болбогондугун эске сала кетишибиз керек Түркия жумурияты бул маселеде дүйнө масштабында алтынчы орунда турат. Бүгүнкү күндө Түрк жумурияттарында паракордук маселеси өтө талылуу маселелерден десек жаңылбайбыз. Өзбекстан бул маселеге каршы өтө серт мыйзамдарды кабыл алып мамлекеттин масштабында паракордук ооруусун жок кылды десек болот.

«1996—жылдагы Казакстандын өндүрүшү 1995—жылдагыга караганда 5.1 % ке азайган» **(ТИКА, 1997:4).** Бул төмөндөө жыл өткөн сайын күчөөдө. Муну токтотуу үчүн 5—10 процентке түшкөн 75—80 проценттик киреше пайын калган калкка бирдей таркатуу керек. 1997—жылдагы Казакстанда жумушсуздардын саны 3.7 процент, тыш өлкөлөргө болгон карызы 5.500 миллион долларды түзөт **(ТИКА, 1998,2:3).** Бирок көрсөтүлгөн статистикалык маалыматтар жаңылыш болушу ыктымал. Жумушсуздук кээ бир аймактарда 40 процентке чейин чыккан. «Казакстандын импорту 29.1, экспорту 8.6 миллион долларды түзөт» **(ТИКА, 1998,1:5).** Айрыкча мамлекеттик кирешелерге чиновниктер, министрлер жана депутаттардын кол салуусун токтотуу

зарыл. Өзбекстан өлкөсүнүн саясаты канчалык сындалса да, мамлекеттин кирешеси көзөмөлгө алынгандыктан, экономикасында алга жылуулар байкала баштады.

Казакстан Өзбекстан жана Кыргызстан сымал экономикалык, административдик жана юридикалык мыйзамдарды кабыл алып, бийлик бутактарын реформалап, мамлекеттин өнүгүүсүн тездетүүсү керек. Эгерде чечкиндүү түрдө бул иш чаралар кабыл алынбаган болсо, үч—төрт жылдан бери айлык акыларын да ала албай жүргөн калк жашоо шартарынын оордугунан улам социалдык жактан күтүлбөгөн окуялардын чыгышына себеп болушу мүмкүн. Мындан улам кандайдыр бир социалдык баш аламандык ортого чыга турган болсо, кең аймакта орун алган Казакстандын аскердик жана ички тартипти сактоо күчү жетпегендигинен улам саясий баш аламандыктардын чыгышы мүмкүн.

Казакстандын экономикасындагы эң маанилүү жетишкендик бул башка республикаларда жетишилбеген валютанын казак акчасына карата өсүшүн контролго ала алгандыгында. 1997—1998—жылдары тенге доллар жана маркага карата (Россиядагы кризис мезгилиндеги 5—6 тенгелик өсүштү кошпогондо) наркы өтө төмөндөгөн эмес, 76 дан 79 га чейин көтөрүлгөн. Дүйнө жүзү боюнча доллардын баалуулугунун төмөндөгөн жалгыз өлкөсү Казакстан болсо керек.

Казакстан бийлик башындагылар мамлекеттик кирешенин коррупциялык жолдор менен уурдалуусун токтотуу, чет элдик машиналардын өлкөгө кирүүсүн көзөмөлгө алуу, бажы контролун жасоо, саламаттыкты сактоодо жана билим берүү секторлорунда жеке менчикти киргизүү, токтоп калган фабрикаларды иштетүү аркылуу элди оор абалдан алып чыгуусу мүмкүн. Казакстандын нефт, алтын, көмүр, вольфрам, цинк жана жезин экономикада туура колдонулса гана социалдык кризис жана баш аламандык токтолот эле. Бүгүнкү күндөгү Казакстандын абалы Түркиянын 1980—жылдардагы оор абалы менен аябай шайкеш десек болот. Бирок Казаккстандын Түркияга караганда көптөгөн артыкчылыктры бар. Ал эми кемчилиги болсо социалдык биригүүнүн жоктугунда. Өлкөдө сексен төрткө жакын улуттун болушу бир идеанын астына биригүүгө тоскоолдук кылат.

Казакстан Россия үчүн чоң стратегиялык мааниге ээ, ошол эле учурда орус калкынын саны эң көп болгон өлкө болуп саналат. Ошондон улам Казакстан менен жакшы мамиледе болуусу зарыл. Казакстан соодасынын 40 процентин түзгөн Россия менен дайыма жакшы мамиледе болуусу шарт. 1997—жылдагы маалымат боюнча

Казакстанда 8155.2 миллион метр куб газ, 23.4 миллион тонна сырье (1996—жылга таандык), 2.2 бензин, 2.8 миллион тонна дизел, 72.6 миллион тонна көмүр, 13.0 темир, 3.9 болот запасы чыгарылган **(Тика, 1998, 2:3).** Чыгаан саясатчы Н.Назарбаев бул кирешелерди туура колдонуу жолдорун издеп Европа, Түркия, Иран жана Кытай өлкөлөрү менен болгон саясатын жөнгө салып келет. Россияга каршы күчтүү бир мамлекет куруу максатында башка өлкөлөр менен аскердик—экономикалык тармактарда келишимдерди түзүп, өлкөнү соода жана өндүрүштүн борборуна айлантууга аракет кылууда. Казакстанда немец, англис, америкалык, түрк, иран, инд, кытай, швец, корея жана башка өлкөлөрдүн ишкер адамдары фирмаларды курушуп иш алып барууда. Сооданын өсүшү үчүн өлкөдөгү мафиялык элементтердин жоголушу, бажыканалардын контролдонушу, салык нормаларынын жөнгө салынышы, авто жолдордо жана аба жолдорундагы пара алуу өнөкөтүнүн токтотулушу менен бирге реформалардын жүргүзүлүшү шарт. Пара алуу өнөкөтү менен мүлк лимити контролдонууга тийиш. Триллиондогон теңгенин айлануусуна карабастан өлкөнүн өнүгүүсү үчүн салыктардын убагында жана жетиштүү деңгээлде алынбай жаткандыгы өкүнүчтүү. Түркияда да мындай проблемалар бар (жашыруун салык төлөбөй жүргөндөр да көп). Казакстанда өлкөнүн бюджетинен он, он беш эсе ашкан учурлар кездешет.

Казак калкынын эмгекчилдиги, жаштардын арасында илим жана техникалык жактан өнүгүүлөрдү คууп жетүүгө даяр атуулдардын болгондугу, табигый булактары, бийлик башчыларынын бул ресурстарды туура колдонгондугунда гана ийгиликтин жаратыла тургандыгы анык. Бул ийгилик коммунисттик режимдин мөмөлөрү болгон карыялардын ордун дурус, калкы үчүн иштеген, дүйнөдөгү жаңылыктардан кабардар болгон жаштар алганда гана турмушка аша тургандыгы белгилүү. Казактардан чыккан илимпоздор жана жаштардын ичинен дүйнөгө таанылып, аты чыккандары да бар. Эң маанилүүсү калктын каймагынынын башка өлкөлөргө сатылып кетпөөсү башкача айтканда «мээнин көчү» деп аталган абалды токтотуу, буга жол бербөө эң негизгиси иштерден болуп саналат. Жөндөмдүү казак жаштары Европада, Азияда ар түрдүү кызматтарда эмгектенишет (билим берүү—соода—илим). Казакстанда билим алып, башка өлкөлөргө турмуштун айынан көчүп кетип жаткандардын агымын токтотуу керек.

**ӨЗБЕКСТАН:** «Түркстан» деп аталган географиялык чөлкөмдүн эң түшүмдүү жерлери Өзбекстанда жайгашкан. Бул чөлкөм байлуулугу менен көптөгөн калктардын көңүлүн буруп келген. Монгол чабуулунан мурун Өзбекстанда жападан жалгыз бийликке келүү үчүн түрк тектүү

калктар согушуп келген. Түркстан жергесиндеги Селжуктардын бийлигинен кийин алардын ордуна Хорезмшахтар келген. Хундар мезгилинен баштап байыркы түрк—уйгур—кыргыз түрк тектүү калктарынын ээлик кылып келген, Үргөнчтү 1221—жылдан баштап монголдор ээлей баштаган.

Монгол бийлиги бул жерде өтө көп сүргөн эмес. Бирок илим менен маданияттын чордону болгон Бухара, Самарканд, Мерв шаарлары жер менен жексен болгон жана бул жерлердеги китептердин баары өрттөлгөн. Монгол чабуулунун натыйжасында он миндеген кишилик шаарларда (туткун болгон аял жана балдарды кошпогондо) өтө аз адам саны калганы булактарда баяндалат **(Гүвейни, 1988:153).** Монгол чабуулунан кийин Тимурийлер бийликке келип, 32 жылдын ичинде алардын чек аралары чыгыштан Алтай тоолоруна, батыштан Кара—Деңиз жана Жер Ортолук Деңизге, түштүктө Индияга чейин созулган» **(Хайт, 1995:2).** Тимурдун Алтын Ордо ханы Токтомушту жеңиши, орустардын күчтөнүүсүнө себеп болгон, бир канча жылдан соң күчтөнгөн орустар Азияны тартып алышкан **(Кафалы, 1975).** Монгол чабуулунда жер менен жексен болгон шаарлар Тимурийлер мезгилинде кайрадан ондолуп, илимий борборлор калыбына келтирилген

Өзбектер социалдык биригүү менен аскердик күчкө ээ боло баштаган. Такты талашуу мезгилинен баштап өзбек аты белгилүү боло баштаган. 1451 ж. өзбектердин колдоосу менен Эбу Саид атуу адам бийликке келген. 1500—1507 жылдарында Шейбани хан Тимурийлерден бийликти алып чөлкөмдө өзбектерди бийлик ээлери катары тааныткан. Натыйжада өзбектер кең аймактарды ээлеп күчтөнө баштаган. Түркүстанда уруулар ортосундагы күрөштөрдөн сырткары бир жылдан кийин калмактардын бул аймакка кол салгандыгы белгилүү. Бул мезгилде өзбектерден бир уруу бөлүнүп казак эли түптөлө баштаган.

Белгилүү мезгил өткөн соң өзбек бийлиги начарлап Ирандыктар жана Казактар Хорезмди жана Самаркандды басып алышып бийлик Астрахандыктардын колуна өткөн. Астрахандыктардан кийин өзбек—мангыт уруусу бийликти колго алган (1753) жана 1920 ге чейин бийлигин өкүм сүрдүрүшкөн. Өзбектердин узак убакыт бою сүргөн бийлигинде карамагындагы уруулардын маданиятына таасир тийгизген. Өзбек уруулары түштүк чыгыш (туяклы, мүйтен, Барын, Хытай, Кыпчак, Миң, Каңлы, Кырк, йүз), түштүк—батыш (Найман, Сарай, Кыпчак, Миң, Учуруг, Баташ), түндүк—Батыш(Коңрат, Кинегес, Нангыт, Хытай, Кыпчак, Арлат, Буркут) болуп үчкө бөлүнөт **(Девлет,**

**1993:323).** Өзбек урууларынын башка түрк тектүү калктарга салыштырмалуу эрте отурукташуусу бир канча тармактарда алардын күчүнө күч кошкон, ал эми дыйканчылык жана соодагерчилик менен алектенүүсү социалдык жашоосун өзгөрткөн. Өзгөчө соодагерчиликтин жогорку чекте өнүккөндүгүнүн ачык мисалы катары акча биржасынын ачылгандыгы жана дүйнөнүн ар тарабынан келген соодагерлер бул жерде акчаларын алмаштыра алышкандыгын айтып өтсөк болот. Өзбек соодагерлери Азиянын эң узак жерлерине чейин соодагерчилик кылып, каттап турушкан. Ошол эле мезгилде Арап, Фарс дүйнөсү менен болгон байланыштар өтө тыгыз болгон. Ислам дининин түрк коомчулугуна жайылыш мезгилинен баштап Сыр Дарыя жана Аму Дарыянын айланасы Ислам аскерлери менен байланышып турган маанилүү аймак болгон. X—XII кылымдарда Иран арап күчүн жеңген соң чөлкөмгө ээлик кыла баштаган, өзбектерге перстердин таасири тийе баштаган. Бүгүнкү күндө өзбекчеге персче сөздөрдүн кириши, атүгүл дин жагынан да ар кандай диний агымдардын болгондугу буга далил. Айрыкча тилге кирген персче сөздөр эң байыртадан бери эле болгондугу өзбек адабиятын изилдөөдө белгилүү болот. Алты—жети кылымдан бери перс тили түрк тектүү калктарга таасир тийгизип келет. XII—XIV кылымдарда өзбек тилинде арапча таасирдүү болсо, андан кийинки мезгилдерден баштап перс тили чоң роль ойной баштаган. Арапчанын таасири болсо барган сайын басаңдаган.

Арап тилинен сырткары ислам дини өзбек элине эрте киргендиктен, башка элдерге салыштырмалуу кеңири жайылган. Мындан сырткары өзбектердин үрп—адатын, салтын, маданиятын катуу туткандыгында. Өзбектерге ислам дининин кыска убакытта жана толук кирүүсүнүн негизги себеби алардын отурукташкан эл болгондугунан улам десек болот. Диний төрт агымдан сырткары башка агымдар да бар, Айрыкча Өзбекстандын Фергана өрөөнүнө Ирандын таасири өтө чоң **(Мирский, 1993:9).** Ирандын Өзбекстанда диний үгүт жүргүзгөндүгүнө карабастан, өзбек калкынын көпчүлүк бөлүгү ханефий агымына киргендиктен башка агымдардын эч биринен таасирленген эмес. Ошол эле мезгилде арап дин адамдары да бул чөлкөмдөрдө кызматын жүргүзгөн. Ваххабизмди негиз туткан азчылык да болгон.

Өкүмдарлар тарабынан атайын илимий борборго айландырылган шаарларда илимпоздор чакыртылган жана Өзбекстан белгилүү мезгилдерде Азиянын «маданий борборуна» айланган. Дүйнөнүн ар кайсы жеринен Самарканд, Бухара, Ташкент, Мервке келип медреселерде билим алгандар болгон. Орто кылымдагы түрк аалымдарынын көпчүлүгү ушул жерлерде билим алып, атүгүл өздөрүнүн ордун баса турган жаңы үйрөнчүктөрдү тарбиялап, уядан чыгарышкан.

Өзбекстан илимдин эле чордону эмес, дин адамдарынын ислам маселелерин чечүүчү бир топ жыйындар дал ушул аймактарда өткөн. Өзбекстан билим борборунан сырткары дин адамдарынын күмбөздөрү жайгашкан ыйык жер катары да ээлеген орду чоң.

Өзбектер маданий жактан бай түрк тектүү калктардын бири. Орустар булар менен болгон өз ара соода жана социалдык байланыштарда алардын үрп—адатын катуу кармашкандыгын байкашкан. Өзбектердин оңойлук менен баш ийбей тургандыгын сезген орус бийлик адамдары алардын лидерлерин өзүнө тартуу пландарын иштеп чыгышкан. Орустар бул саясатын бардык түрк тектүү калктарга жүргүзсө да, өзбектердин ичинен өтө аз сандаган лидерлерди гана өздөрүнө тарта алышкан. Бирок алар калк тарабынан «саткын» деген атка конушкан, алардын эч бир сунуштары четке кагылган. Орустардын өзбектерге карата жасалган пландары натыйжасыз болсо да арты артына жаңы стратегияларды колдонушкан. Саясий ыкмалар ишке ашпаган соң,. Ташкент хандыгына 1865—ж. Бухара эмиратына 1868—ж. Хива хандыгына 1873—ж. жана Фергана хандыгына 1876—ж. кол салып, басып алышкан. Бул хандыкардын жеңилүүсүснүн эң негизги себеби өз ара ынтымактын жоктугунда. Орустардын жүргүзгөн саясаты да алардын биригүүсүнө жол бербөө болгон. Он миңдеген адамынан ажыраган өзбек эли, күчтүү орус аскерлерине туруштук бере албай, ачкачылыктан, курал жарактын жоктугунан абалдары начарлап, жерлерин орустарга алдырышкан.

Орустар өзбектерге каршы демографиялык саясат жүргүзө алган эмес, анткени алардын буга каршы чыга тургандыгын билишкен. 1916—жылдан башталып 1934—жылга чейин созулган өзбектерден чыккан Эргаш Корбашы жетектеген көтөрүлүш (басмачылык кыймылы) дале болсо орустардын эсинен чыга элек, кечээ болгондой эскерип келишет. Дагы кайрадан өзбектерге каршы тобокелчиликке кирүүдөн баш тартышкан. Падышалык Россия мезгилинде Түркстанга жайгаштырылган орус калкынын келечегин ойлоого туура келген. Мындан сырткары өзбек элинин орус экономикасына кошкон салымы чоң. Жолдордун, темир жолдордун кайра ондоого мүмкүн болбой турган даражада бузулушу орустардын Азия чөлкөмүндөгү абалын оордоткон. Ар кандай себептерден улам орустар өзбектерге оор сокку ура алган эмес.

Бүгүнкү күндө Өзбекстанда Түркияны кошпогондо эч бир түрк жумуриятында болбогондой калктын саны бар (25 миллион). Булардын 69 проценти өзбек, 11 проценти орус, калган бөлүктөрү татар, тажик

жана башка калктар. Азербайжанды кошпогондо (82.4 процент) жергиликтүү калкы жагынан эң көп санды түзгөн өзбектер болгон. Өзбекстанда 12 област, 155 район бар. Орустар жалпы калктын 11 поцентин түзүшү коммунист стратегиячылардын чоң жаңылыштыгы дегенибиз туура болбос. 1990—жылга таандык маалыматтар боюнча Өзбекстандагы өзбек калкын зордук менен башка өлкөлөргө (Тажикстанга 24 процент, Кыргызстанга 13%, Түркменстанга 9%, Казакстан жана башка мамлекеттерге) көчүртүшкөн. Демографиялык жактан канчалык өзгөртүүгө аракет жасалса да өзбек калкынын көбөйүүсүнүн 2.3% ке өсүшү абалды өзгөртө алган эмес. Жогоруда баянлдалгандай өзбектердин зордук менен башка жерлерге көчүрүлүшү мезгилиндеги алардын саны аябай көп экени маалым.

Өзбекстандын табияты жана түшүмдүү топурактары адамдарды дайыма өзүнө тартып турган. Айрыкча бул жерге соода кылуу максатында келип, отурукташып калган арап, перс, сарт, Согдианалык, уйгур, татар, еврей соодагерлердин саны да бир топ. Октябрь революциясынан кийин орногон коммунисттик режимдин чек араларды, жолдорду контролго алуусу, өлкөгө кирип чыгууга уруксат берилбегендиги, орус соодагерлеринин мамлекеттин жардамы менен ар кайсы секторлорго жайгашышы, башка өлкөдөн келген содагерлердин бул жерден чыгып кетүүсүнө себеп болгон.

Калкынын көптүгү, жеринин байлуулугу, маданияты жана идеалист жаштары менен бүгүнкү күндө өзбекстан Орто Азия жумурияттары ичинен эң кубаттуусу. Буга карабай өлкөнүн жападан жалгыз прблемасы Каракалпак Автономиялуу өлкөсүнүн көз карандысыздыкты каалоосу, бөлүнүү аларга да өзбектерге да пайда алып келбей тургандыгы айдан ачык. өзбектер мындан күч жоготсо, каракалпактар экономикалык, социалдык жактан кыйналаары, бир канчалаган проблемаларга туш болоору белгилүү.

Өзбекстан башка Түрк жумурияттарындагы өзбектердин ордун жана аймактагы өз күчүнүн баасын билет. Революция мезгилинде алдырган айрым аймактарды кайрадан алуу үчүн аракеттенүүсү мүмкүн. Бул абал Тажикстан, Казакстан жана Кыргызстанга коркунуч туудурат. Бул үч мамлекеттин эч биринин экономикалык абалы, аскердик күчү Өзбекстандын күчүнө жетпейт. Ислам Каримов Өзбекстандын гео—стратегиялык күчүн жакшы билгендиктен ар кандай кирешени дагы кийинчерээк колдонууну пландоодо **(Керимов, 1997:201).** Мындан улам 1998—ж. орток маданиятка ээ болгон (тил, дин жана маданият) казак, кыргыздар саясий жактан биригүүгө жол алганы, Назарбаевдин кызы менен Акаевдин уулунун үйлөнүшү туугандык байланышты

бекемдөөдөгү кадамдардын жасалгандыгын көрсөтүп турат. Мунун менен бирге казак, кыргыздардын байыртадан бери эле орток тили, маданияты болгону да маалым. Булардын биригүүсүнө Өзбекстан себеп эмес, дүйнөдө бардык мамлекеттер бири бири менен аскердик, саясий биригүүлөргө умтулууда. Мамлекеттер арасындагы теңсиздикти жоюуу максатында ортоктошуп иш алып баруулар, уюшулган уюмдар дүйнөнү эл аралык масштабда бирдей калыпта кармап турат **(Энгин, (т.у):10).**

Өзбектердин саясий, аскердик күчүнүн күч алышы Казак, кыргыздардын тынчын ала баштаган, Россиянын аскердик бирдиктери, Генералдык штабы менен аскердик келишимдерге (коргонуу—аскердик флот—билим берүү) кол коюлду. Росия үчүн да Өзбекстан чоң күч болгонуна карабастан, Россия аскердик түзүлүшүндөгү ич каргашалардан, экономикалык абалдан улам тышкы факторлорго жетеринче көңүл бөлүүгө чарасыз. Түркиянын Өзбекстандагы соода, экономикалык, аскердик, маданий жана билим берүү тармактарында жасаган иштери Россиянын, атүгүл өзбек элинин да тынчын алууда. Стратегиялык жактан алганда Түркиянын өз ичинде чечилбеген маселелеринин көптүгүнөн улам Өзбекстандан кандайдыр бир пайда көздөөсү мүмкүн эмес. Көз каранды эмес мамлекеттер болгон Түрк жумурияттарына Түркия болгону модел гана боло алат. Түркиянын саясий, аскердик жактан бул өлкөлөрдөн күткөн бир максаты жок. Түрк жумурияттары менен аскердик келишимдердин түзүлүшүнүн максаты аларды Россиянын күчүнүн жанында өз өлкөсүн коргой ала турган даражага жеткирүү. Түркиянын Орто Азия Түрк мамлекеттерине материалдык же руханий маданиятына лидердик кылуу максаты жок. Атүгүл саясий жактан ээлик кылуу жөнүндө ойлордун болушу да мүмкүн эмес. Мамлекетти куруу жана көз каранды эместикти сактоодо алардан дагы тажрыйбалуу болгон Түркиянын болгону ушул жагынан модел болуп бере турган өзгөчөлүгү бар. Түркия аскердик жактан күчтүү болгонуна карабастан экономикалык түзүлүшүнөн улам мындай лидердикке умтулуусу мүмкүн эмес. Түркия Орто Азиядагы 1990—жылдан бери болгон өзгөрүүлөрдү толук анализдей алган жок. Бүгүнкү күндөгү ар кандай уюмдардын илим, экономика, маданият жана башка тармактардагы долбоорлору каралып буга чейин кетирилген кемчиликтердин кайталанбоосу өтө маанилүү.

Өзбекстандын табигый байлыктарынын эң негизгиси жаратылыш газы болуп саналат. Анын запасы 500 миллиард метр куб. Нефт, көмүр, металлдар, пахта, техникалык жабдуулар жана химиялык заттарды болсо экспортко чыгарышат. Жылда болжол менен 80 тонна алтын

өндүрүлөт. 1996—жылдагы маалыматка караганда өнөр жай 6% ке, инвестициялар 6.9% ке, өндүрүш секторлору үчүн кеткен күйүүчү май 27.2% ке, кабарлашуу 25.8% ке, ташуу 10.4 % ке өскөн. 1996—жылда 30—40 сум 1 долларга тете болгон. Акыркы мезгилдерде башка өлкөлөрдөн келген өзбектердин натыйжасында сум баркын жогото баштаган. Көчтөрдүн натыйжасында 33—34 сумга тете болгон доллар баасы 1998—жылдагы маалыматка караганда 83.83 сумга чейин көтөрүлгөн. өзбек сумунун барыкынын төмөндөшү али да болсо уланууда. Киреше жана өндүрүштүн натыйжасында өлкөдө абал жакшырууда, өзбектер тыштан көчүп келүүдө. «C.I.S Migration Report маалыматтары боюнча 1997—ж. Өзбекстанга 15.8% өзбек көчүп келген. Ал эми бул жерден көчүп кеткен калктын саны болсо 3.72 % ти түзөт» **(ТИКА, 1998,1:7).** Бул көчүп келүүлөр мамлекеттин экономикасынын жакшырышынан улам болгон. Ал эми Казакстандын экономикасынын оор абалынан улам башка өлкөлөрдө жашаган казактар өлкөгө кайтып келишкен жок. Монголиядан Казакстанга көчүп келген казактар жашоонун татаалдыгынан кайрадан кайткан учурлары кездешет. Өзбекстанда инфляция жаңы курулган мамлекеттеги инфляция абалынан алда канча төмөн (35%). өзбекстан үчүн эң чоң проблема экспорт жана импорттун 50 % тен көбү Россия менен болгондугунда.

**КЫРГЫЗСТАН:** Бичуриндин пикири боюнча кыргыз аты «кергиз», Кытайлык Сун Юандын пикири боюнча «кырк ууз» же «кырк огуз», Кытай булактары боюнча «болу, булуй, булу, бурут, кигу, игу, гейу, хегуси, хагасы», перс—арап булактарында болсо «кыркыз, хырхыз» деп деп баяндалат. Кытай жазма булактарында (б.з.ч. 1381—1310) «болу, булуй, бурут» деп да кездешет.

Кыргыздардын байыркы калк экенин анын атынын эң эски булактарда кездешүүсүнөн белгилүү. Бирок эң эски доорго таандык мезгилине тиешелүү этникалык келип чыгышы дагы толук изилдене элек. Кыргыздардын байыркы мекени боюнча орток пикир жок. Эң байыркы мекени катары Енисей (Түштүк Сибир), Монголия, Саян—Алтай тоолору, Теңир—Тоолор, Памир—Алай жана башка тоолор...» **(Кабылбекова, 1997:32; Чоротегин,1995:5)** чөлкөмдөрү эсептелет. Кыргыздар түрк каганаты, уйгур каганаты мезгилинде түрк тектүү калктардын ичине кирген эмес **(Айдаров, 1995:14;Эргин, 1998:13).** Уйгур, огуздар тарабынан кыргыздардын эң байыркы душман катары айтылышы көңүлдү бурат. Кыргыз—кыпчак уруулары менен огуз—уйгур урууларынын согуштары, тарыхый душмандыктары жөнүндө байыркы түрк жазуулары да бизге кабар берет. Кыргыздардын келип чыгуусунда ар кандай этникалык топтор катышкан жана кийинки кылымдарда Кыпчак урууларына кирүүсү, аларды Огуз урууларынан

биротоло ажыраткан. Кыргыз урууларынын ичинде усундар (вусун), калмактар, хакас уруулары, монгол уруулары (доглаттар, кунгараттар, варлаттар, барластар, баариндер баркылар, барактар, жинастар, сулдузтар, маркиттер, курлагуттар), уйгурлар, кимектер, алтай түрктөрү, динлин, түргөштөр, кыштым, тува, карлуктар сыяктуу уруулар кирет. Кыргыз атын алган ар кыл уруулар саясий жактан бир канча бөлүктөрдү түзүшкөн. Кыргыздардын тарых боюнча өнүгүү доорлору төмөндөгүдөй:

а) III—V.жүз жылдарда Борборук Азиядагы (Орто Азия, Алтайлыктар, сибир аймагын ичине алат) акыркы хундардын чыгышы,

б) Эски түрк урууларынын топ топ болуп Тянь—Шанга көчүп келиши (VI—VII кылымдар) жана байыркы Түрк Мамлекттеринин курулушу,

в) Карлук жана Монгол урууларынын Батыш Монголиядан Тянь—Шанга көчүп келүүсү жана баш кошушуп Караханий мамлекетин курган алгачкы түрк кол башчыларынын ортого чыгышы (XI кылымдын аягы жана XII кылым) **(Акмолдоева, 1997:39).**

Кыргыз уруулары өзгөчө Көк Түрк мамлекетинин мезгилинде оор баскынчылыктарга учурап тарап кетишкен. Капаган Каган мезгилинде Енисей боюндагы кыргыздар жортуулдардан улам жашаган жерлеринен башка жакка көчүшкөндүгү же болбосо Көк түрктөрдүн бийлигин таанууга аргасыз болушкан. 840—ж. Абакан кыргыздары башка уруулар менен биригип (түргештер, тибеттиктер ж.б.) Уйгурларга өтө оор сокку урган жана борборун ээлешкен. Кыргыздардын бул соккусунан улам уйгурларга баш ийген көптөгөн уруулар тараган жана Борбордук Азияда узун убакыттар бою бир саясий бирдик болгон эмес. Кыргыздарды башка түрк урууларынан айырмалап турган өзгөчөлүктөрү бар. Дээрлик бардык түрк урууларында (өтө аз сандаган урууларды кошпогондо) өлгөн адамды көмүү салты бар. Ал эми кыргыздарда болсо узак убакыттар бою өлгөн адамдардын сөөгүн өрттөө адаты сакталган, болжол менен X кылымга чейин **(Кабылбекова, 1997:40).** X—кылымда ортого чыккан бул өзгөрүү кыргыздар акырындык менен көк түрктөр менен уйгурлардын мезгилинен тартып түрктөшүү мезгилини башынан өткөзгөн десек болот. Кашкардык Махмуд да өз эмгегинде кыргыздардын түрктөштүгүнү маданий жактан түрктөр менен орток болгон жашоо өткөзгөндүгүн белгилеп өткөн. Кашкардык кыргыздар Кытайга жакын жайгашкан. Кыргыз, Кыпчак, Огуз, Тухси, Йагма, Чигил, Ограк, Жарук

уруулары түрк тилинде сүйлөгөн. Кимек жана Башкыр тилдери бул уруулардын колдонгон тилине жакын **(М. Кашкари, 1993:10,11)** деп ачыктаган. Кыргыз тарыхын узун жылдар бою изилдеген окумуштуу Ө. К. Караевдин пикири боюнча бүгүнкү күндөгү кыргыздар: Мундуз, Дөөлөс, Кушчу, Төрө, Кочкор—Мундуз, Кара Тумат, Ак Тумат, Бөрү, Саруу сыяктуу уруулардан турат **(Караев, 1998:2).**

Уйгур каганаты кулагандан кийинки мезгилдерде Кыргыздар тууралуу маалыматтар өтө эле аз. Кытай жыл наамаларында жана Араб саякатчылыларын калтырган эмгектеринде кыргыздар жана башка уруулар тууралуу баяндалат. Бул саякатчылардан бири болгон Белхи: «Кыргыздар өтө бай, койлору, жылкылары, жана үйлөрү саналбай тургандай даражада көп. Алар жашыл аймактарды табуу үчүн жол жүрүшөт. Кыргыздар отту ыйык деп эсептегендиктен өлгөн адамдардын өрттөшөт деп ачыктаган **(Юсупов, 1991:101).** Кыргыздардын мал чарбачылык менен күн көрүүсү алыскы толуу аймактарында бүгүнкү күнгө чейин кездешет. Кыргыздар жылкыдан тышкары «Саян, Алтай тоолорунда жана Мунисин талааларында темир кенин иштетишет. Курал жасашат. Темирди «кыяса деп аташкан» **(Нуришев, 1991:110).** Кыргыздар курал жасоодо жана темир иштетүүдө өтө усталашкан, атагы чыккан уруу катары таанылган. Кыргыздардын Жети суу жана башка аймактагы бийлиги "Кыргыз жана Кем—кемжут (Енисей) кыргыздарынын ажырашына (XII кылымдын башы) чейин өкүм сүргөн. Бул өкүмдарлыктын аймагы бир тарабынан Селенга, экинчи жагынан Сибирге чейин созулган"**(Нурушев, 1991:219).**

"1207—ж. (Кой ж.) он колунан бир канча жерге Чынгыз хандын буйругу менен аскерлер жөнөтүлдү. Ойротторду, Буряттарды, Бархундарды, Урустарды, Хабханастарды, Хамхастарды, Тубастарды баш ийдирип, Жучинин аскерлери кыргыздарга жакындаган. Кыргыз башчылары Жети Инал, Алдияр, жана Улукбек менен жолугушкан. Алар Улуу кол башчыга кулдук уруп ак куш, ак боз ат, жана иштетилген ак аң териси тартуулашкан" **(Нуришев, 1998,221).** Натыйжада кыргыздар моңголдордун бийлигин толугу менен кабыл алып башка уруулардын башына келген зулумдуктан кутулган. Кыргыздар узак убакыт бою монголдор менен биргеликте согушка чыгууга аргасыз болушкан. Монголдор башка калктарга көрсөткөн зордук зомбулугун кыргыздарга да колдонгон, бирок башка калктарга караганда кыргыздар аз жапа чегишкен. Монгол баскынчылыгы алдында калган уруулар мамлекеттин ичиндеги баш аламандыктардан пайдаланып өз укуктарын коргоого аракеттенишкен. Монголдордун күчү кайткан соң кыргыздар ар кыл аймактарда уруу уруу болуп өзүнүн жашоосун уланткан. Кийинки мезгилдерде Йан династиясынын

кол астында жашашкан. XIV—кылымда Ойроттордун, Хакастардын күрөшү өкүм сүргөн кыргыздар жашаган аймак бул мезгилден тартып көз карандысыздык үчүн күрөш өкүм сүргөн. XV—кылымдын аягында монгол уруулары кыргыздар жашаган аймактарды таштап чыгып кетишкен. XV—кылымдын аягы XVI кылымдын баштарында кыргыз уруулары өз аймактарында саясий бирдиктерди кайрадан кура башташкан. Дагы белгилей кетүүчү жагдай алардын этникалык жана маданий баалуулуктарын сактап калгандыгында. Кыргыз уруулары «Оң кол Тагай (Солто, Саяк, Сары Багыш, Бугу, Черик), Адигине (Ичкилик, Кадырса, Найман, Төлөс, Кыпчак), Монгуш (Жапалак, Төлөгөн, Сарай, Монгул), Сол Кол (Саруу, Кушчу, Мундуз, Кыркагул, Кытай, жана башкалары) **(Девлет, 1993:361).** XVII кылымда кыргыз жери, түштүккө карай жылган орустар жана түндүктө өз таасирин сактаган Монголдордун ортосунда талашка түшкөн. Мындан улам кыргыздар эки фронтто өздөрүн коруугa мажбур болушкан, саясий ыкмаларды колдонушкан. XVII кылымдын акырында XVIII кылымдын башында Енисей Кыргыздарынын мамлекети биротоло кулаган. Кыргыздар тараган жана калмактардын мамлекетиндеги уруулардын катарына кошулган. Экинчи бир бөлүгү болсо орустардын карамагына өткөн. Үчүнчү бир бөлүгү азыркы Кыргызстандын аймагына келип кошулган **(Калыбекова, 1998:46).**

Бүгүнкү Кыргызстан, этникалык түзүлүш жагынан ар кыл аймакта жашаган Кыргыз калкынын эң чоң бөлүгүн өз ичине камтыйт. 4 млн (4.3 млн) айланасындагы Кыргызстан калкынын 53% тин кыргыз 22% тин орустар түзөт. Кыргыздардын төрөт статистикасы 3.28% ти түзүп демографиялык өсүшү жактан алганда үмүт берет. Кыргызстан кен байлыктарга өтө эле бай өлкө. Нефт, жаратылыш газы, көмүр, сымап, алтын, уран, жана мрамор кайнактары өзгөчө көп. Кыргызстан калкынын саны аз болгондугуна карабастан, бир нече өлкө менен чектеш жайгашкан, ошондуктан өзгөчө орду бар. Ошол эле мезгилде көз каранды эместигин туура колдонгон өлкөлөрдүн катарына кирет. Өзгөчө өлкөгө чет өлкөлүк капиталдын эркин кирүүсүнө шарт түзүлдү жана адам коопсуздугун гарантияга алуу менен сооданы арттырган. Кыргызстанга капитал жаткырган өлкөлөрдүн саны отуздан ашты. Эң көп жатырым кылган өлкөлөрдү салыштырсак Түркия орток фирма катары экинчи, чет өлкөлүк фирмалардын ичинен биринчи орунда. Орустар эң көп жатырым кылган өлкө болуп эсептелет. Үчүнчү орунда болсо Казакстан, төртүнчү орунда Кытай турат. Кытай Кыргызстанда гана эмес башка өлкөлөрдүн бардыгына жатырымдар кылууда. Кыргызстан 1.3% миллион долларга товар импорттосо 1.5% миллион

доллар экспорт товарларын керектеген **(ТИКА, 1998/1:5).** Кыргыз сому доллардын жанында туруктуулугуну (1 доллар:17.15 сом) сооданын жандуулугунан улам коруган. Кыргызстандагы инфлиация 23% ти түзөт. Түркия сыяктуу бай мамлекетке салыштырганда көз каранды эместигин жаңыдан алган бул мамлекетте инфляциянын мындай болушу үмүт берет.

Буга карабастан Кыргызстандын кирешеси өтө төмөн (50—100 доллар). Кыргызстанда Казакстандагыдай сыяктуу эле жеке менчиктин болбогондугу (99 жылга арендага алуу акысы бар) чет өлкөлүк жатырымчылардын кооптонууларын туудурат. Кыргызстан бул шарттарда 5% тик өнүгүү ылдамдыгына ээ боло тургандыгы айтылууда. Бирок атуулдардын ортосундагы ири ажырым алгачкы он жыл ичинде жоюлушу керек. Албетте бул айырма Казакстандагы сыяктуу өтө оор шарттарда болбосо да адамдардын ортосунда келишпөөчүлүктү жаратат. Кыргызстан экспортунун 39% ти ал эми импорттун болсо 49%тин Россия менен жүргүзөт. 1996—жылдын маалыматтарына таянсак Кыргызстанда коомдук ишканалардын 40.6% ти зыян тарткан, ошол себептен улам мамлекет ишканаларды шашылыш түрдө менчиктештирүү үчүн аракеттенүүдө. Кичинекей өлкө болгондугуна карабастан Кыргызстандан башка өлкөлөргө көчкөндөрдүн саны 0.0% ти түзөт. Бирок айрым өлкөлөрдө абал башкача.

**ТҮРКМЕНСТАН:** Түркмөндөр, тарыхта Түркия түрктөрүнүн аталары болгон. Түркмөн уруулары Азияда жана башка географиялык чөлкөмдөрдө (Европа, Азия, Африка) бир канча мамлекеттер курушкан. Огур (р—з) түрктөрү Европага жайылган, Атилла хундарын түзгөн, Түрк каганаты мезгилинде чоң роль ойноп турган жана уйгур каганаты жыгылган соң, өз алдынчалыгын сактап калышкан. Хун, түрк каганаты жана уйгур каганаты мезгилдеринде огуздар бардык түрк тектүү калктардын ичинде саны жагынан көптүк кылганына карабай, бийлик башындагы уруулардын огуздарга эгемендүүлүк, өз алдынчалыкка жол бербешинен улам саясий бийлик башына көбүнчө келе алышкан эмес. Эң чакан аскердик кыймылдарды да бастырган бийлик башындагы түрк уруулары бийлигин жоготкон соң, абал өзгөрө баштаган. Кыргыздардын басып алуусунан улам, огуз урууларынын Түркстандан Маверанахрга көчкөндүгү Х кылымга тиешелүү булактарда баяндалат. Кийинчерээк түргөш, карлуктар бийлигин жоготкон соң, Х кылымдын орто ченинен баштап огуз ябгу мамлекети чыга баштаган **(Атагарриев, 1989:29).** Булардын бийлиги көпкө созулган жок. Селжук мамлекетин курган Селжуктун атасы Дукак уруулар бирдигинен чыгып, Женд чөлкөмүнө жайгашкан. Дукак бул жерде өлгөн соң, анын уулу Селжук мамлекет курган. Алар бүгүнкү күндөгү түркмөндөрдүн аталары болуп

саналат. Түркмөндөр Селжук мамлекетин курган мезгили көптөгөн жерлерди басып алган, мамлекеттин гүлдөп турган мезгили болгон. Селжук мамлекети кулаган соң, Иран, Ирак, Анатолия жана Сирияда түптөлгөн чакан мамлекеттердин башкаруучулук түзүлүшүндө огуздар чоң роль ойногон. Бирок монгол чабуулунун натыйжасында түркмөн уруулары ар кайсы тарапка көчүшкөн. Кээ бир аймактарда чакан группаларды түзүшкөн. Анатолиядагы түркмөндөр жарым кылым бою монгол таасиринде калганына карабай кайрадан бириге башташкан. Калган бөлүктөгү түркмөн уруулары көпкө чейин өз абалына келе алышкан эмес. Монгол чабуулунан кийин 1639—1700 жылдар арасында калмуктардын кол салуусуна дуушар болушкан. Барган сайын күч алган түркмөндөр Хива хандыгы менен Ирандын тынчын ала баштаган. Бирок Эбулгазы Бахадыр Хан күтүлбөгөн жерден түркмөн урууларына кол салгандыктан зыян көрүшкөн **(Гөмеч, 1997:161).** 1860—ж. Түркмөндөр Ирандан жеңилген. Бул абалдан кийин түркмөндөр өз алдынча эркин, көз каранды эмес абалда жашап келишкен.

1877—1878—жылдардагы орус—түрк согушуна орустар 1874—жылдан баштап даярдана баштаган. Натыйжада Осмон мамлекетини жеңилген. 1879—ж. кайрадан орус армиялары согуш ачкан. Гөктепе согушунда түркмөндөр кан төгүп, каармандарча салгылашышкан. 1880—ж. кайрадан түркмөн жергесине кол салышкан. Түркмөндөрдүн жана Түркстандын эң негизги чеби Гөктепе 1881—ж. 12 январда душмандын, орус падышачылыгынын колуна өткөн. Бул согушта түркмөндөрдөн 26.500 киши курман болгон **(Гөмеч, 1997:165).** Түркмөндөр согушта чоң жоготууларга дуушар болгондуктан бир кылым бою ар кандай зулумдарга каршылык көрсөтүшкөн эмес. Ал эми орустар ар кандай түркмөн көтөрүлүштөрүн басып турушкан. Бүгүнкү күндөгү Түркмөнбашынын ою боюнча: "Эгемендүүлүк Түркменстандын жана анын калкынын тарых барактарынан улуу, өзгөрбөс, сөз менен айтууга мүмкүн болбогон бир өзгөчө барагы. Калкыбыздын сегиз кылымдан берки күрөшүнүн жемиши болуп саналат" **(Халлиев, 1998:6).**

Падышалык Россиянын кулашынан соң келген жаңы Советтик система Түркменстанды 1924—ж. Түркменстан Советтик Социалисттик Республикага айландырган. Ага чейинки көтөрүлүштөрдөн улам түркмөндөрдөн Өзбекстан, Түркстан жана Россия Федерациясына 10% түркмөн көчүрүлгөн. 1924—жылдан бери Түркменстан Өзбекстан, Казакстан, Иран жана Афганистан менен чектешет. Бүгүнкү күндө Түркменстандын калкынын саны төрт миллионду түзөт. Мамлекеттин аянты 488.100 км квадрат, анын ичинен 350.000 км квадраты чөл

(Каракум чөлү). Бул жалпы аянтынын 80% ин түзөт. 20%инде дыйканчылык кылууга болот. Азыркы түркмөн урууларына төмөнкүлөр кирет: Теке (Өтемиш—Тохтамыш), Сарык, Салар (Карамач—Кыпчак—Ялвач), Йомут, Эрсари (Ок, Алач, Кара, Бүкейи), Чавдур, Гөклен (Кой, Байут, Кынык, Кайы) **(Девлет, 1993:354).** Бүгүнкү күндө бул уруулардан Түркияда да кездешет. Түркменстандын калкынын 9.5% орус, 14% түрк тектүү калктар (казак, өзбек, татар, азери) түзөт.

Шаарларда жашаган түркмөндөрдүн саны өтө эле аз (38.2%). Ошондон улам түркмөн калкынын саны шаарда көбөйүүсү керек деп ойлойм. Революциянын алгачкы жылдарындагыдай калктын санын көбөйтүү үчүн үндөөлөр, үгүттөөлөр жүргүзүлүүсү керек. Түркменстанда калктын санынын артып аткандыгы белгилүү (3.4%). Элүү жылдын ичинде демографиялык жактан өзгөрүүлөр болоору ачык. Орто Азия республикаларынын ичинде Түркменстандын улуттук аң сезиминде (Өзбекстанды кошпогондо) алда канча өзгөрүүлөр бар. Түркменстан, Өзбекстан сымал Россиянын тынчын алган өлкө. Түркмөн элинин орустарга каршы чыгуулары аёосуз түрдө бастырылып турган. Натыйжада азыркы мезгилде орустарга каршы душмандык мамиленин болушунун себеби да ошондон улам болсо керек.

Түркиянын өз ара кызматташтык курган эң алгачкы өлкөлөрүнүн бири Түркменстан болуп саналат. Андан кийинки катарда Казакстан бар. Айрыкча Түркмөнбашы Сапармурат Ниязовдун сооданын жанданышы үчүн жасаган иш аракеттери жана өлкөнү Азиядагы эркин өлкөлөрдүн катарына кошуу саясатын жүргүзүүсү өз жемиштерин бере баштады десек болот. Өлкөнүн инфиляциясы 21% ти түзөт. Башка өлкөлөргө болгон карызы 1.271 миллион доллар. Бир доллардын баасы 6100 манат. Түркменстанда рынок экономикасы болгондуктан чет элдик валютага чектөө жок. Экономикалык абалынын жогорулоосунан улам өлкөгө 8.5% тин айланасындагы калк сырттан көчүп келген. Буга карабастан жашоо турмушу жакшы болгон орус улутундагылар өз мекендерине кайтууда. Айрымдары шарттарынан улам ошол эле жерде калууда. Бүгүнкү күнгө чейин өлкөдөн көчүп кеткендердин саны 0.24% ти түзөт **(ТИКА, 1998/1:7).** 1997—ж. Түркменстан калкынын саны 2% ке көбөйгөн. Экономика боюнча адистер Түркменстандын белгилүү жерге чейин өнүгүшү үчүн он жылдай убакыт талап кылынат деп божомолдошууда. Түркменстандын көз каранды эмес мамлекеттердин шериктештигине кирген өлкөлөр менен экономикалык жактан тыгыз байланышта. 1996—ж. экспортто 68%, импортто 87% тик соода үлүшү дал ушул КМШ өлкөлөрүнө туура келет **(Гумпел, 1998:29).** Бирок бул байланыштардын барган сайын солгундап бараткандыгы байкалат.

## СОВЕТТЕР СОЮЗУНУН АСКЕРЛЕРИНИН БАСЫП АЛГАН АЙМАКТАРЫ, ТҮРКСТАН, ДЕШТИ КЫПЧАК ЖАНА КАВКАЗДАГЫ ГЕОСТРАТЕГИЯЛЫК АЙМАКТАР

Түркменстан жаратылыш газына өтө бай өлкө. Түркменстан Мамлекеттик Изилдөө жана Статистика Институтунун берген маалыматтары боюнча: 1997—ж. 4.725.000 тонна нефть, 17. 318. 000 метр куб жаратылыш газы өндүрүлгөн **(ТИКА, 1998/1:7).** Жаратылыш байлыктарынын мол болушу башка өлкөлөрдүн көңүлүн бурдура тургандыгы шексиз. Түркменстан Өзбекстандын күчүнөн чочулап, Түркия, Иран жана Европа үчилтигине союздаш катары кирди. Түркменстандын Иран менен болгон саясий байланыштары Азия өлкөлөрүн чочутууда. Иран Түркменстандын Орто Азия мамлекеттерин ичиндеги абалын, мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен аны менен болгон байланыштарын чыңдоо аракетинде. Ошентсе да түркмөндөр перс—түркмөн согуштарын унуткан жок, мындан улам азырынча экономикалык байланышын улантууда десек болот.

Түркмөнстан жаратылыш газынан тышкары, нефть запасы боюнча да өзгөчө бай өлкөлөрдүн катарына кирет. Иран Түркмөнстанга дин режимин орнтотуу үчүн чараларды көрүшү ыктымал. Бирок Түркмөнстанда улутчулдук идеясын жактоочулардын болгонуна карабай бийликтегилердин ичинен ар кыл багытты көздөгөн адамдарды кездештирүүгө болот. Барган айын орустар түркмөндөрдүн баскысына чыдабай көчүп кетишүүдө. Орус улутундагылар түркмөнчө сүйлөө кыйынчылыгы сыяктуу оор шарттарга туш болууда. Муну менен түркмөндөр орустарга каршы өчтөрүн өзбектерге жана кыргыздарга караганда дагы ачык түрдө көрсөтүшүүдө. Иран өлкөсү бул жерлерден орустардын акырындык менен кетээрин өтө жакшы билишет. Чамасы алардын өлкөдөн кетүүсү менен бош калган жерлерди Иран өлкөсү толтурууну ойлоп жатат. Эгер мындай абал болсо Иранды токтото ала турган Түркменстандын күчү жок. Азыркы күндө Иран—Түркменстан темир жолу курулууда. Башка түрк жумурияттары да темир жолдун курулушунда экономикалык жактан колдоо көрсөтүүдө.

Түркменстан менен Түркиянын байланышы Ирандын тынчын алууда. Американын Түркменистанды түрк деп аташы Ирандын Түркияга болгон мамилесин ого бетер күчөттү. Чамасы Иран мурдагы түрк—перс күрөшүн эстөөдө жана эски жасаган иштерин кайталоого пландар түзүүдө. Ал Американын жүргүзгөн саясатынан таасирленген да жок. Түркменстан өтө этияттык менен мамиле жасоого тийиш. Мындан Түркиянын түрк жумурияттарындагы өнүгүүлөрдү көзөмөлгө ала албагандыгы көрүнүп турат. Көптөгөн жумурияттарда жана аймакта Түркия маалымат берүүчү агенстволорунун, изилдөө борборлорунун жоктугу чындык. ТИКА, элчиликтер жана башка мекемелер болсо

дипломатиялык иштер менен алек болгондуктан, финансылык чыгымдардан улам жетишээрлик деңгээлде иш алып барышкан жок. Мисалы Кыргызстанды, Өзбекстанды, Чыгыш Түркстанды, Тажикстанды өз ичине камтыган Казакстандагы ТИКА өкүлчүлүгү эки жыл ичинде эч кандай иш алып барган жок. Өтө опурталдуу окуяларга толгон эки жыл тууралуу Түркия бул аймак жөнүндө эч кандай маалымат ала алган жок. Бир канчалаган изилдөө борборлору эки үч жыл мурунку статистикалык маалыматтарды колдонууда. Бул жоготуулардын ордун кантип толтурууга болот? Түрк жумурияттарында жана Автономиялык аймактарда ТИКА дан тышкары башка ишенимдүү борборлор жок. ТИКАнын бул аймактар үчүн көп сандаган проекттери бар, бирок бул организацияда иштегендердин саны жетишсиз, андан тышкары финансылык булактардын жетишсиздигинен улам көптөгөн проекттер кагаз жүзүндө гана калууда. Кыска убакыт ичинде ТИКАга, Ахмет Яссеви университетинин изилдөө борборуна жана өз алдынча бул тармактагы кемчиликтерди толуктоо үчүн чырпынган Ататүрк Маданият, Тил жана Тарых Уюмуна финансылык каражаттар бөлүнүп, алардын иш аракеттери колдоого алынууга тийиш. Өзгөчө маанилүү болгон темаларда бул уюмдар биргелешип иштөөлөрү зарыл, орток проекттерди иштеп чыгып, ага ар бир темада адистерди тартуу керек. Жогоруда аты аталган уюмдарга саясатчылардын ордуна илим адамдарынын келүүсү жана ар аймактарда өкүлчүлүктөрү ачылып, айрым иштердин кайрадан жөнгө салынышы учур талабына жооп берет.

## СОВЕТТЕР СОЮЗУНУН ТҮРКСТАН, ДЕШТ–И КЫПЧАК ЖАНА КАВКАЗДЫ БАСЫП АЛУУСУНУН САЯСИЙ, ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА АСКЕРДИК ЖЫЙЫНТЫГЫ

1. Орустар, Москва, Ленинград, Киев жана Пенза шаарларынан тышкары Эстония, Украина, Латвия жана Литва жумурияттарына да жайгашышкан. Калкынын саны, территориясы жагынан (197 000 000) эң күчтүү потенциалга ээ болгон Россияда өтө кеңири кездешкен оорулар, оор абал жана ич согуштардан улам орус калкынын саны азаюда. Калктын санынын барган сайын азайуусу, өнөр жайына керек болгон иш күчүн Азиядан (Түркстан, Дешт—и Кыпчак, Кавказ) толтуруу муктаждыгына алып келген.

2. Орустар жашаган аймактар кең, бирок жаратылыш байлыктарына бай эмес. Кең байлыктар Якутия, Алтай, Сибир, Татарстан, Башкырия, Крым, Чувашия, Астрахань жана башка автономиялык аймактардын чек араларынан табылат. Жаратылыш

байлыктарына бай аймактар эң алгач орустар тарабынан басылып алынган.

3. Кавказ, Татарстан, Башкырия жана Крым өлкөлөрүн Азиянын соода борбору десек болот. Ошол эле мезгилде алар соода жана аскердик жолдордун кайчылашкан жери болуп эсептелет. Экономикалык кирешенин социалдык жашоого кандай таасир тийгизгендигин эске алсак, мамлекет үчүн канчалык даражада маанилүү болгондугу белгилүү болот.

4. Кавказ, Татарстан, Башкырия жана Казакстан стратегиялык жактан үстөмөндүк орнотуу үчүн өтө маанилүү аймактар, ошондуктан бул жерлер тез арада колго алынышы керек. Бул аймактардын колдон чыгышы аскердик жактан орустардын Азия, Түркия, Жакынкы Чыгыш жана Кытайга болгон артыкчылыгынын колдон чыгышын түшүндүрөт. Албетте, Россия окуянын мындай өнүгүшүн эч качан каалабайт.

5. Орусия бул аймактарда жайгашкан аскер бөлүктөрү менен кыска убакыттын ичинде Түркияга каршы иш чараларды көрө алат. Бакуда жайгашкан 4—аскер бөлүгүнөн тышкары бул жерде 60 000 аскер күчү болгон. Керек болгон мезгилде кыска убакытта Карска жана Ардаханга кире алат. Өзгөчө SAM жана SCUD аттуу ракета саны, Генжедеги вертолет бирдиктери, 2000 ден ашкан танка менен Түркиянын Чыгыш Анатолиясын басып ала турган күчкө ээ. Бул бирикмелер бир канча жылдан бери Армения, Грузия жана Кавказга жайгаштырылууда. Ушундан улам Түркия кокустан келүүчү орус күчтөрүнө каршы аскер бирдиктерин Карска жана Ардаханга, негизги күчтөрүн болсо Эрзурумга жана Эрзинжанга жайгаштырган.

6. Орустар Түрк тектүү элдерде өз тилдеринде сүйлөшүүнү тыюу салган жана орус тилин официалдуу тил катары киргизген. Натыйжада жаңы муундар өз тилин унута баштаган. Бүгүнкү күндө казактар 40—50%, татарлар 50%, азербайжандар 20—30% тин айланасында өз эне тилин билишпейт. Башка республикаларда да абал ушундай десек болот. Бул көрүнүш Өзбекстан жана Түркменстанда анча байкалбайт, бул мамлекеттер маданияттын эң маанилүү элементи болгон тилди, өз тилдерин коргоп кала алышкан. Өзгөчө орустар түрк диалекттерин изилдегенде бул тилдердин бири бирине окшобогондугу жөнүндө пикирлер жаратып, бул жол менен аларды бири биринен алыстаткысы келген. Татар, башкырт тилдеринин аябай окшош экенине карабай аларды да эки башка тил катары карап, атүгүл бул пикирди башкырттарга кабыл алдырган. Булар сыяктуу казак, кыргыз, татар,

каракалпак диалекттилерин өз өзүнчө тил катары бөлүп караган. Алар да өз тилдери менен сыймыктана баштаашкан. Орус тилчилеринин, түркологдордун морфология, синтаксис, диалектика, этимология, грамматика, термин жана макалдар аркылуу түрк тектүү тилдерди өз өзүнчө тил катары бөлүп келген. Россияда гуманитардык илимдердин ичинде эң көп изилденген тармак тил жана адабият. Буга карабай жогорудагыдай тилди ажыратуу алар ойлогондой ийгиликке жетишкен жок. Тил саясаты 40—50% да болсо көздөгөн максатында ийгиликке жетсе да бүгүнкү күндө казак менен кыргыз, кыргыз менен башкырт, татар менен каракалпак бири бири менен эркин сүйлөшүп мамиле кура алат.

7. Орустар демографиялык жактан түрк тектүү калктардын ичине жайгашып, жада калса үйлөнүүлөр да алар түрк калкынын өсүшүнө тоскоолдук кылып келген. Бирок орус калкынын өсүшүнүн төмөн болушу (0.5—0.6%) ойлогон пландарынын ийгиликсиз болушуна алып келген. Бул план ишке ашпаган соң, орустарды түрк калктарынын арсына көп санда алып келип жайгаштырган. Казакстанда 1989—жылдагы маалымат боюнча калкынын саны 38% ин казак, 41% ин орус түзгөн. 1991—1997—жылдары Казакстандагы казактардан башка калктар өлкөдөн кете баштаган. Натыйжада алты жылдын ичинде Казакстандын калкы 5.4% ке азайган, дагы да азаюусу мүмкүн. 2.41% тик калктын көбөйүүсү менен казактар 1995—жылдагы маалыматтар боюнча 41% ти 60—70% ке (2000—ж.) чыгараары демографиялык эсептөөлөр менен белгилүү болууда. Өзбекстандын өзүнүн калкынын саны бүгүнкү күндө 16.500.000 болгондуктан демографиялык проблемасы жок. 3.4% тик өсүш өзбектердин чоң күч экендгин ачык көрсөтүп турат. Орустар демографиялык реформаларды жүргүзүү менен кээ бир жерлерде жергиликтүү калктын санын өтө эле азайтышкан. Казакстан, Башкырия, Крым, Якутия, Хакасия жана Алтайда орустар жыш жайгашкан. Татарстанда орустар менен татар калкынын саны божомол менен бирдей санда десек болот. СССРдин кулашы менен орустар бул жерлерден көчүп кете баштаашкан. Ошол эле мезгилде түрк тектүү калктар да өзүнүн мекендерине көчө башташты. Россия түрк тектүү калктардын мамлекетине орус тилдүү элдерди жайгаштырууда Өзбекстанга, Түркменстанга, Азербайжанга каалаганындай калк санын жайгаштыра алган эмес.

8. Түрк жумурияттары жана автономиялуу өлкөлөрү географиялык жактан ыңгайлуу, жаратылыш байлыктарына бай аймактарга жайгашкан. Казакстан эгин, Өзбекстан пахта өндүрүү борбору. Башкырия, Татарстан, Түркменстан, Казакстан нефть жана жаратылыш газга бай. Азербайжан нефтиден сырткары Өзбекстан менен бирге

Россияны мөмө жемиш менен камсыз кылат. Якутия кымбат баалуу таштарга, Алтай, Сибирь алтын, көмүргө бай. Россия буларды туура колдонуу максатында пландарын ишке ашыра баштаган. Бул байлыктарынан улам аларды белгилүү бир чекте кармап турган, алардын байып кетүүсүнө жол берген эмес. Бири бирине көз каранды боло турган даражада экономикалык саясат жүргүзүшкөн. Башкыриядагы нефти Чубуксарыдагы нефть иштетүү жеринде иштетишкен. Өзбекстандан чыккан пахта Казакстандагы фабрикада иштетилген. Азербайжан нефтиси Арменияда иштелген. Түркмөн табигый газы Россияга трубопроводдор аркылуу ташылып кетип турган. Казак буудайы Өзбекстанда иштетилген. Бул жол менен аларды бири бирисиз жашай албай турган даражага чейин алып барган. Бүгүнкү күндө Казакстанда газ жетишпейт жана текстил тармагы эч өнүккөн эмес. Татарстан нефтинин мекени болгонуна карабай бензин тартыш. Казакстан газ жана электр энергиясы проблемалары менен алек. Кыргызстан электр энергиясын Казакстан менен Өзбекстанга сатууда. Кыргызстандын өнөр жайы анчейин өнүкпөгөндүктөн бүгүнкү күндө техникалык каражаттар жетишсиз абалда.

9. Россия белорустар жайгашкан Литва, Латвия, Эстония жана Украинанын жардамы менен дүйнөгө ачылууда. Анткени бул аймактар Россиянын Европага ачылуучу эң негизги борборлору. Белорустардын Россиядан чыгышы Россиянын дүйнөлүк саясаттагы ээлеген ордун төмөндөткөн. Россиянын деңиз күчү бул өлкөлөр аркылуу болгондуктан ал өлкөлөргө муктаждыгы бар. Андан сырткары Европа менен соода жана байланыш бул өлкөлөр аркылуу ишке ашат. Германия бул өлкөлөргө капитал каржоодо. Бул абалдан Россия жана АКШ нын тынчы кете баштады. Германиянын мындай аракетине тоскоолдуктарды көрсөтө баштады.

Бул аймактарда эки күчтүн күрөшү (АКШ—Германия) башка Европа өлкөлөрүнүн каалагандай иш жүргүзүүсүнө тоскоолдук кылууда. АКШ жана Германиядан тышкары Россия үчүн бул аймактар чоң стратегиялык мааниге ээ. Бул аймакта баары биригип 60.000.000 калк жашайт.

10. Россиянын түрк жумурияттарын этникалык топторго бөлүүсүнүн негизги максаты, алардын биригип, саясий күч жаратуусуна тоскоолдук кылуу болгон. Айрыкча Россия саясаты менен өзбектерди казактарга—кыргыздарга, татарларды башкырт—чуваштарга, азербайжанды кавказ калктарына, тажиктерди бардык түрк дүйнөсүнө, өзгөчө өзбектерге жана кыргыздарга душман көргөзүп пландарын

орундатышкан. Ар бир түрк жумурияттары өздөрүн көз каранды эмес мамлекет катары көрүп, орток теги болгон туугандарын ойлобостон, улуттук саясатын жүргүзүүдө. Бул болсо түрк бүтүндүгүн, күчүн жок кылууда. Өзбекстанда Каракалпак автономиялуу өлкөсү бар, орустар тарабынан Азияда чоң күч боло ала турган Өзбекстанга проблемаларды жаратууга аракет жасалган. Каракалпак тили менен өзбек тили орток, бир тилдин ичинде, болгону ар башка уруулардан болгондорунда.

11. Россия түрк жумурияттарынын чек арасын бөлүүдө алардын негизги чек араларын эске албастан, тескерисинче Түркстанда көп санда өзбек, Кыргызстанда казак жашаган жерлерди эске алган эмес. Башкырияга татарларды жайгаштырып, ич кагылышуулардын болушуна шарт түзгөн. Ар өлкөдө этникалык жактан айырмаланган азчылык менен саны көп болгон элдин ортосунда проблема чыккан учурда күчсүз тарапты Россия коргоого алат. Бул абал чаташуулардын чыгышына алып келүүдө. Азербайжан—армян, өзбек—тажик, өзбек—казак күрөштөрү эртеби кечпи чыгаары айдан ачык. Жогоруда баяндалган себептерден улам түрк жумурияттары көз каранды эместигин алса да, экономикалык, саясий, социалдык, аскердик жана административдик түзүлүштөрүндө ар кандай проблемалар чыгууда. Мурун Россиянын карамагында болгон түрк жумурияттары дагы деле болсо Россиянын контролунда. Бүгүнкү күндөгү Орто Азия республикаларынын президенттери, министрлери, бардык административдик башкаруучулар эски Политбюронун Генералдык секретары же Партия уюмундагы жогорку кызматтарда иштеген адамдардан. Мындан улам Россия бул мамлекеттердин ички иштерине каалагандай кийлигишүүдө. Жада калса мамлекет башчыларынын Россиядагы башкаруучуларга кичинекей ишти да аткарта албагандыктары көрүнүүдө. Россия башка учурларда экономикалык, аскердик ыкмаларды колдонуу менен каалаган иш аракеттерин жүргүзүүдө. Автономиялык түрк республикаларынын бирөөндө дагы коопсуздук жана аскердик бирдиктери жок. Ички жана тышкы коопсуздук Москвага таандык аскердик бөлүктөрдүн колунда. Орустар эки тараптуу кол коюлган келишимдердин негизинде Татарстан, Башкырия, Азербайжан жана башка (Сибирь, Астрахан, Чувашстан) аймактардан чыккан нефтинин 70—80% тин өз экономикасынын өнүгүшү үчүн колдонуп, жергиликтүү бюджетке болгону 20—30% ин гана калтырууда. Бирок бул 20—30% тик бөлүктү да өз убагында берилбейт. Көз каранды эмес өлкөлөрдүн кызматташтыгында ар кандай келишпөөчүлүктөрдү жараткан мамлекеттердин жаратылыш газ түтүктөрү Россиянын көзөмөлүндө болгондуктан, айрым учурларда газ түтүгүн жаап салган учурлар да кездешет.

## СОВЕТТЕР СОЮЗУНУН АСКЕРЛЕРИНИН БАСЫП АЛГАН АЙМАКТАРЫ, ТҮРКСТАН, ДЕШТИ КЫПЧАК ЖАНА КАВКАЗДАГЫ ГЕОСТРАТЕГИЯЛЫК АЙМАКТАР

12. Россия 1989—1990—жылдарда СССР кулаган соң, кетирген кемчиликтерин кайрадан калыбына келтирүү аракетинде. Алгач АКШ нын жана Дүйнө банкынын берген жардамдарын чалгындоо уюмун түзүү үчүн сарптагандыгы белгилүү болду. Айрыкча жаңы өнүгүүлөрдү көзөмөлдөп, Тажикстанда өзбек—тажик, Азербайжанда армян—азербайжан, Балкан жарым аралындагы өлкөлөрүндө Сербия, Албания, Македония, Жер Ортолук Деңизде Түштүк Кипр—Рум, Азияда Сирия—Ирак—Иран—Египет башчыларына курал жарак сатып, убагында даярдалган адамдарды бул аймактарга жиберүүдө. Азербайжан—армян согушунда армяндарга бекер аскердик жардам берген. Азербайжанга болсо акчага курал жарак саткан. Орустар Азербайжанга курал жарак сатуусун токтотту, бирок армяндарга дагы деле болсо аскердик жардам көрсөтүп келүүдө. Россия Азербайжанга эски моделдеги курал жарактарды, ал эми армяндарга болсо 1980—жылдардан кийин чыгарылган дагы кубаттуу курал жарак саткандыгы маалым. Негизги максаты армяндардын баскысы алдында калган Азербайжан калкын кайрадан өзүнө баш ийдирүү болуп саналат.

13. Россия эски атомдук бөлүктөрүн жайгашкан аймактарында АКШ менен биримдик куруп, Кытайга каршы коопсуздук түзгөндүгү жана Казакстанда аскердик сыноолорун улантууда. Бул сыноолордун 15—30 күндө бир болушунан улам Казакстандын Семплатинск жана Кызыл Ордо шаарларынын экологиясы өтө оор абалда. Бул аймактарда адамдардын ден соолугуна өтө зыян бере турган өлчөмдө радиация бар.

14. АКШ менен Россия ар кыл келишимдерге кол койгонуна карабастан, эки өлкө аскердик күчтөрүн азайткан жок. Бүгүнкү күндө чыгымды аз талап кылган бирок күч жагынан дагы кубаттуу ракеталар чыгарылууда. Албетте ар бир курал жасалган соң аны сыноодон өткөзүшөт.

15. Россия АКШ менен түзгөн келишимдин негизинде күчтүү союз түзүү менен Азиядагы нефть, алтын жана айыл чарба продукциялар базарында ээлик кылууну көздөөдө.

16. АКШ Россиянын гарантиясын албастан бул аймактардагы нефть жана жаратылыш газ резервдерине кийлигише албай тургандыгын эң жакшы билет.

17. Кытай жана Япония сыяктуу эки чоң душмандын адам күчү жана атомдук күч жагынан таасирдүү болгон Россия менен гана дагы ыңгайлуу боло ала тургандыктарын билген АКШ бул темада Россия

менен биргелешип иш алып барууда. Жакындыгынан улам Орто Азиянын терендерине чейин кирген Түркияны убагы келгенде борттун сыртында калтыра турган күнүн күтүүдө. Бирок АКШ Россиянын бул аймактарга жападан жалгыз ээлик кылуусуна уруксат бербестигинен жана Россиянын ички абалын татаадыгы да бул аймакты толук контролго алууда тоскоолдук кылууда. Бул аймактагы негизги күчтөр алдыда АКШ менен союз түзүшү мүмкүн. Бул абал Россияны өтө тынчсыздандырат.

18. Россия буга чейин Азербайжандагы Авар, Дагестан, Грузин, жана Армяндарды кайраштырдыгына карабастан, Иран, АКШ жана Азербайжан мамлекеттери менен түзгөн нефть боюнча келишимдеринин негизинде (Россиянын үлүшү 10—15%) келишпестиктерди токтотуу үчүн Азербайжанга саясий колдоо көрсөтүүдө. Бирок нефть түтүгүнүн башка багытта өтүү коркунучу алдында башка варианттарды да караштыра баштаган. Өтө опурталдуу болгон Кавказда саясий баш аламандыктардын чыгып кетиши мүмкүн. Ошондуктан Азербайжан өтө этият саясат жүргүзүү мажбурдугунда.

19. Россия бул аймактагы нефть иштетүүдө Түркияны таптакыр катыштырбоого аракет жасоодо. Бул темада тоскоолдуктарды жараткан Чеченстанга ар кандай экономикалык авантаждарды сунуп, аларды жазгыруунун аракетинде. Көз каранды эместигине ээ болгон Чеченстан экономикалык жардамга муктаж болгондуктан бул темада нейтралдуу позицияда турууга мажбур болду. Россиянын бул саясий жүрүшү Чеченстандын мыйзамсыз түрдө нефть түтүктөрүнө зыян келтирүүсүн токтотуу максатында жасалган аракет болуп эсептелет. Мындай маселелерден улам, Европа жана АКШ нын фирмалары Чеченстанга жатырым кылуудан баш тартышууда. Нефть түтүктөрү өтүүчү жаңы жолдор да пландалууда.

20. Россия, Иран, Ирак, Сирия менен болгон аскердик, саясий байланыштарын улантууда. Ошондой эле акыркы мезгилдерде Греция менен болгон байланыштарын чындап, Ортоңку Чыгышта жана түрк жумурияттары менен экономикалык байланыштарын күчтөндүрүүдө.

21. Россия АКШнын менен болгон атаандаштыктын улана тургандыгын эске алып Азияда каалагандай иштерди жасоодо. Бирок Россия АКШ менен байланыштардын Европа бирдигинин тынчын алаарын ойлоп, Европадагы кээ бир өлкөлөр менен да экономикалык ортоктоштукту улантууда.

# АДАБИЯТТАР


АКИШЕВ А.К., АСЫЛБЕКОВ М. Н., (1994), **Казакистан Тарихи**, Алматы.

АКНОЛДОЕВА Баубоура., (1997), «Ahmed Yesevi Devrindeki Ortaçağ Orta Asya'sının Etnografyası» , (Ter: F.Agiş), **S.Ü.T.A.E. Türkiyat Araştırmaları Dergisi**, S. 3, Konya.

ALİŞEV S., (1993), «Tatar Halkının ve Milletinin Birleşmesi» Adlı Söyleşiden Bir Bölüm, **Miras**, 2 (15), Kazan.

ARSLAN Yasin., (1996), **Üçüncü Roma'nın Jeopolitik Arzuları**, Ankara.

ATAGARRİEV Egen., (1989), **Tarihte Kalan İzler**, Aşkabat.

ATLASİ Hadi., (1993), **Sibir Tarihi, Süyünbike, Kazan Hanlığı**, Kazan.

AVŞAR Z., SOLAK, F., YORULMAZ, F., (1994), **Yeni Bir Yüzyılın Eşiğinde Türkiye ve Türk Cumhuriyetleri**, Ankara.

АЙДАРОВ Г., (1995), **Күлтегин эскерткиши**, Алматы.

BAL İ., (1996), "Orta Asya'da Sovyet Kontrol Yöntemleri», **Avrasya Etüdleri**, C. 3, S. 2, Yaz.

BENNIGSEN A., QUELQUEJAY L. C., (1994), **Stepte Ezan Sesleri**, (Ter: N.Uzel) , İstanbul.

BLANK S., (1998), «Kafkasya Güvenliğinde Yeni Eğilimler», **Avrasya Etüdleri**,. S.13, İlkbahar.

CHALLEYE F., (1994), **Mülkiyetin Tarihi** (Ter: A.Kızgıntuğ), İstanbul.

CÜVEYNİ Alaaddin Ata Melik., (1998), **Tarih-i Cihan Güşa**, c.I, (Ter: M. Öztürk), Ankara.

ЧОРОТЕГИН Т., (1995), **Этнические ситуации в тюркских регионах Азии до монгольского**, Бишкек.

DEVLET N., (1993), **Doğuştan Günümüze İslam Tarihi** (Ek), İstanbul.

Сактар тууралуу караңыз: DURMUŞ, İ., (1993), **İskitler (Sakalar)**, Ankara.

ELİBEYZADE Elmeddin., (1994), **Azerbaycan'ın Manevi Medeniyet Tarihi**, Bakü.

ENGİN F., (t.y), **Uluslararası Politika Stratejileri**, İstanbul.

ERGİN M., (1988), **Orhun Abideleri**, İstanbul.

EROL M. S., (1998), "21Yüzyılın Eşiğinde Türkiye İle Bağımsız Türk Cumhuriyetleri Arasındaki Entegrasyon İçin Başlıca Engeller ve Çözüm Önerileri", **Aydınlar Ocağı Bülteni**, S. 11, Bahar.

FAHRETTİNEV R., (1993), **Bulgar ve Kazan Türkleri**, Kazan.

ФАХРУТДИНОВ Р., (1971), **О степени заселенности территории современной Чувашии/ Вопросы этногенеза тюркоязычных народов Среднего Поволжья**, Казань.

FULLER G. E., "Yeni Dünya Düzeninde Kafkasya ve Orta Asya" (3-7 Haziran 1995), **Bilkent Üniversitesi Sempozyumları**, Ankara.

"George İ. Mirsky'in Raporu", (1993), **ABD, Orta Asya Politikası**, (K.T.Ü, Kafkasya ve Orta Asya Ülkeleri ve Araştırma Merkezi), Trabzon.

GÖMEÇ Sadettin., (1997), **Türk Cumhuriyetleri Tarihi** , Konya.

ГУМИЛЕВ Лев.Н., (1993), **Древние тюрки**, Москва.

GUMPEL W., (1998), "Orta Asya Cumhuriyetlerinde Ekonomik Gelişme ve Entegrasyon", **Avrasya Etüdleri**, S.13, İlkbahar.

HALLİEV T., (1998), **Türkmenbaşı Garaşsızlık Bitaraplık**, Aşkabat.

Harp Akademileri Komutanlığı, (1995), **Dünya Meselelerinin Gelişme Noktasında Türkiyenın Stratejik Konumu**, İstanbul.

HAYIT B., (1995), **Türkistan Devletlerinin Milli Mücadeleleri Tarihi**, Ankara.

HEYET Cevat., (1994), "Azerbaycan'ın Adı ve Sınırları", **Avrasya Etüdleri**, C. I, S. 2., Yaz.

İLHAN Suat., (1994), "Jeo-politik Gelişmeler ve Türk Dünyası", **Tür Yurdu**, C. 14, S. 85, Ankara.

İMAM-I GAZALİ (1995), **Mearicü'l Kuds (Hakikat Bilgisine Yükseliş)**, (Ter: S. Özburun), İstanbul.

İMAMOV Y., (1993), **Tatarların Vatan Savaşı**, Yar Çallı.

KABILBEKOVA T., (1997), Kırgız Kalkının Ortaya Çıkışı , **Bilig**, S. 4, Kış.

KAFALI M., (1975), **Altın Orda Hanlığı'nın Kuruluş ve Yükseliş Devirleri**, İstanbul.

KALKAN M., (1996), Türk -Moğol Kavimleri Arasında Tatarlar ve Menşei Meselesi, **T.K.D**, Yıl XXXIV, S. 393, Ocak.

Караңыз: KALKAN M., (1995), **Orta Asya Türk Devletlerinde Ordu ve Savaş Stratejileri**, İzmir.

КАНИ М., (1993), **Казактын көөне тарихи**, Алматы.

КАРАЕВ Ө. К., (1998), Түрктөр жана алардын каганаттары (Акт: Калкан М). **Türk Medeniyeti: Tarihi. Tarih Bugün ve Gelişme Perspektivleri Kongresi, (23-25 Mayıs),** El Farabi Üniversitesi Tarih, Arkeoloji ve Etnoloji Fakültesi, Almatı, Kazakistan.

KERİMOV İ., (1997), **21. Yüzyılın Eşiğinde Özbekistan**, Ankara.

КЕРИМУЛЛИН Эбрар., (1991), **Татарлар**, Казань.

КОБЛАКОВ И., (1910), **О татаризанции инородцев Привольжского края**, Казань.

KOHN Hans., (1983), **Panislavizm ve Rus Milliyetçiiliği** (Ter: A.O. Güner), İstanbul.

КУНАНБАЕВ А., (1993), **Книга слов**, **поэмы**, Алматы.

KURAT A.N., (1953), "Panslavizm", **A.Ü.D.T.C.F**., C.XI, 2-4, Ankara.

MAHMUD KAŞGARİ., (1993), **Tubi Bir Türki Tili**, Almatı.

**Материалы по истории казакских ханств XV.XVIII. (Извлечения персидских и тюркских сочинений)** Алма –Ата, 1969.

MERCANİ Şehabettin., (1998), **Müstefadü'l Ahbar fi Ahval-i Kazan ve Bulgar** . (Akt: M Kalkan), Ankara.

MIZI-ULU İsmail., (1993), **Merkezi Kafkazın Etnik Tarihinin Köklerine Doğru**, (Ter: S. Eliyarlı M Abdullah), İstanbul.

Караңыз: NAZARBAEV N., (1988), **Yüzyılların Kavşağında** (Akt: B Muhyeava), Ankara.

НУРУШЕВ К. И., (1991), **Кыргыз маданиятынын теги**, (даяр. К Жусупов), Бишкек.

НУРУШЕВ К. И., (1991), **Кыргыздар** (даяр. К Жусупов), Бишкек.

ÖZDAMARLAR H., (1996), Başkırdistan, **Avrasya Etüdleri**, c.3, S.2, Yaz.

ÖZDAMARLAR H., (1996), Tataristan, **Avrasya Etüdleri**, c.3 ,S.2, Yaz.

PETERSON K., (1996), Yeniden Yapılanma Sürecinde Tarih: Sovyet Sonrası Özbekstan'da Ceditçilik. (Ter: A. Öztekin), **Bilig**, S. 2, Yaz.

ИБН ФАДЛАН., (1992), **Путешествие Ибн Фадлана на реку Итил** (Древний текст султан Шамси), Москва.

RESULZADE M. Emin., (1993), **Kafkasya Türkleri** (Haz: Akpınar Y., İ. M. Yıldırım , S. Çağın), İstanbul.

RİWKİN M., (1975), **Asya'daki Rusya**, (Ter: B Tunç), İstanbul.

SAYDAM A., (1996), Rus Sömürgeciliğinde Uygulanan Demografik Yöntemler, Kırım ve Kafkasya Örneği, **Avrasya Etüdleri** , C. 3, S. 2, Yaz.

SAYDAM A., (1993), **Kafkasya'da Bağımsızlık Mücadeleleri ve Türkiye, (Kafkasya ve Orta Asya Uygulama ve Araştırma Merkezi)**, Trabzon.

SAYDAM A., (1997), **Kırım ve Kafkas Göçleri**, Ankara.

SEYDİNBEK Akseleu., (1997), Sömürgeciliğin Zor Silinen İzleri, **Bilig**., S. 5, Bahar.

ТАТИМОВ М., (1992), **Халк Наме**, Алматы.

Караңыз: карталар 1/2/3 ТАТИМОВ, Макаш., (1993), **Казак Алеми**, Алматы.

TİKA **Avrasya Dosyası**, (1997), S. 80, Ağustos.

TİKA **Avrasya Dosyası**, (1998), S.100, Haziran/3.

TİKA **Avrasya Dosyası**, (1998), S. 94, Mart/1.

TİKA **Avrasya Dosyası**, (1998), S.96, Haziran/1.

TİKA **Avrasya Dosyası**, (1998), S. 96, Nisan/1.

TİKA **Avrasya Dosyası**, (1998), S. 99, Mayıs/2.

TİKA **Avrasya Dosyası**, (1998), S. 94, Mart/1.

TİKA **Avrasya Dosyası**, (1998), S. 107, Eylül/2.

TİKA **Avrasya Dosyası**, (1998), S. 103, Temmuz/2.

VON MENDE G., (1961), **Komünist Blokta Millet ve Mefkure (Ter: F. Tevetoğlu, A. Alpaut)**, Ankara.

WETTER G. A., (1976), **Bugünkü Sovyet İdeolojisi**, C. 1, (Ter: C. Z. Şanbey) Ankara.

YALÇIN Ayhan., (1995), Türk Halklarında Milli Uyanış**, Avrasya Etüdleri**, C. 1, S. 4, Kış.

YANKOV Georgiy., HRİSTOV Hristo., (1989), **Bulgar Tarihinden Sayfalar**, Sofya.

ЖУСУПОВ К., (1991), **Кыргыздар**, Бишкек.